

Касым Сулайманов

# Орундуу ойлор

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4
С 89

**Сулайманов Касым.**

Б 89 Орундуу ойлор. – Б.: «Бийиктик плюс», 2012. – 144 б.

ISBN 978–9967–13–875–9

Фмлософиялык жактан терең таалим-тарбиялык мааниси бар макалдар, учукл сөздөр жаштарга бир аз жашоо-турмушунда оң таасир береби – деген ойлорумду ортого койдум.

Көңүл салып, окуп кой, окурманым!

С 4702300100–12

ISBN 978–9967–13–875–9

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4

© Сулайманов К., 2012



СУЗА… КИТЕП…АСЫ

## АВТОРДОН

Бул эмгегим көп жылдарды өз ичине камтыды.

Өмүр билинбей өтө берет экен. Жашоодо өйдө, ылдый болот дегендей, бир отуруп шыдыр жаза алганым жок.

Турмуш өзү сезимге катуу таасир этkенде колго калем алып, чиймелеп коюп жүрдүм. Кыргыз элинин элдик макал-лакаптары, учкул сөздөрү алтындай алда канча артык, тарбия-таалим берерлик, философиялык жактан ойго терең эмеспи.

Асыл ойлор, ар кыл мааниси терең учкул сөздөр, айрыкча, жаштарга канча миндеген жылдардан бери акылга акыл кошуп, кыргыз эли үчүн кызмат өтөп келүүдө. Мен ошол элге кызмат өтөп, бышкан даяр макал,учкул ойлорду өзүмдүк кылып, өз үйүрүмө кошуп албайын деп мүмкүнчүлүгүмдүн болушунча андан качтым.

Ошентсе да мен эч тана албайм, адашып кошулуп калышы мүмкүн. Мен аны атайлап уурдап кошуп алсам, анын бети курусун, ууру оңчу беле, мага ал жакшылык алып келбейт. Албетте, айтылышы кандай болсо сөзмө-сөз көчүрүп жазып албайм. Терең ойлуу маанисин кошуп алдымбы деп кооптоном.

Ошентип мааниси менен жазгандыгыма билинбей кошулуп кетсе окурмандардан башымды ийип кечирим сурайм. Мен деле элдин биримин да. Асмандан алып жок жерден эч нерсе жаза албайм. Ушул менин жазгандарым деле эл арасындагы күндөлүк болуп жаткан окуялардын таасири астында жыйынтыкталган ой болуп жатпайбы.

Ошондуктан орундуу жактарын тандап белгилеп, «Орундуу ойлор» болуп жазылып калды. Түпкү теги менин жазган ойлорум өзүм жашап жаткан доорду, мезгил-

## Ачык ой

***Касым Сулайманов*** 1939-жылы Сузак районундагы Кара-Март кыштагында туулган. «Кыз-Көл» орто мектебин, Токмоктогу маданий-агартуу окуу жайын, Ош мамлекеттик институтун бүтүргөн. Советтик Армияда ак кызматын өтөп, мектепте мугалимдик кесиби боюнча эмгек жолун улаган.

Кийин 1972–90-жылдары Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы пед. окуу жайында иштеген. Азыр ардактуу эс алууда, Жеңижок көчөсүндөгү көп кабаттуу үйдө көп жыл жашаган. Азыркы учурда заман шартына ылайыкташып, ашкана ачып, тоого бал челек кармап, терек, бак тигип, балдарын үйлөп, кыздарын турмушка берди.

Экөөбүз адабият темасы боюнча кеп, пикир алышабыз. Мен кайсы чыгарманы жазбайын биринчи болуп, ушул Касыкеге окуп беремин, кеңешин угамын. Ал эми туура кеңешин баары эле айта бербейт экен, ичи тардык кылып. Кийин белгилүү болгондой, Касыке өзү ыр да, макала да, сын да, пьеса да жазат экен. Мага жакканы – макалга тете учкул сөздөрү болду. Ушуну көбөйт, учкул сөздөрдүн артынан түш – дедим.

Касым Сулаймановдун «Орундуу ойлор», «Орчундуу ойлор», «Сапар менен сары кыз», «Жөөттүн кеңеши», «Жырткыч алсызды аңдыйт», «Эрктин күчү» деген чыгармалары бир катар гезит-журналдарга жарыяланып, окурмандардын руханий байлыгын көтөрүүдө салым кошуп келет.

*Асанбай ЖУСУПБЕКОВ*

ди ичине камтыш керек болду. Элдик мааниси терең алтын ойлуу макал, учкул сөздөрдү дагы толуктап, байытуу максатын көздөдүм. Дагы бир атайын белгилеп кетүүчү нерсе: Бир эле ойдун көп вариантта жазылып калганы болду. Бир вариантын калтырып, калганын бүт сызып таштайын деген ойго келдим, бирок ал ойдон да кайтып көп вариантта болсо да аны ал боюнча тим койдум. Анткени окурманга, элге кайсы варианты жакса ошол вариантын өз сезимине кабыл алаар деп ойлодум. Ар бир адамдын кабыл алуу, түшүнүү сезими өзгөчө бир личность дейбизби, ушул сыяктуу ар башка. Ошол себептен санын көбөйтүп, аны да тим койдум.

Бул кылганым окурман сизди иренжитсе, дагы бир жолу сизден кечирим сурайм. Жазылган ойдун маанисин андан ары толуктап таасири күчөйбү деген да ойдо болдум. Мындай кыска ойлорду жазып калышымдын да себептери бар.

Буга бүгүнкү доор, мезгил мага зор таасир этти. Айлана-чөйрөдөгү өзүң менен эле бирге жүргөн инсандардын жашоодогу кулк-мүнөзү, адамга жасаган мамилеси, пейил-кулк укмуштай өзгөрүп баратат. Каймана түрдө айтып жазайын десең повесть, роман болуп кетчүдөй түрү бар. Аны азыркы күндө аз санда гана адам окуп калбадыбы, аны том-том кылып китеп кылып чыгаруу да мендей катардагы пенделерге деги эле мүмкүн эмес. Анан ушул кыска орундуу гана жагын жазып калтыруу максатын көздөдүм. Кептин бардыгы окурманды зериктирбей изденүүнүн түрдүү ага аздыр-көптүр оң таасир беришинде турат. «Орундуу ойлор» анча-мынча иретке салынып, муун өлчөмү да эске алынып ырга окшоштурулуп уйкаш формада жазылды. Мен көбүнчө өзүмө таасир берген ойго көңүл бурдум. Ал эми башка ар кыл адамдар ар башкача кабыл алат. Эгер окурманга жакпаса, анда деле эч качан капа болбойм. Турмуш өзү бардыгын жай-

жайына коёт. Азыр да маалында кабыл алынбаса убакыт келип кийинки муундар кабыл алаар. Үмүт деген өлбөйт эмеспи. Мындан башка кыска, кыска кара сөз түрүндө да ойлорду жаздым. Аны орундуу дебестен, андан айырмалап «Орчундуу ойлор» деп маанисин бир аз күчөтүп бердим. Мааниси бирдей же андан да төмөн болушу мүмкүн. «Орчундуу ойлор» маани-маңызы жагынан бирдей же окшош жазылган учурлар көп кездешет. Ал эми кара сөз түрүндөгү ой мааниси окурманга өз алдынча башка таасир берүүсүн эске алдым. Бир эле ойду түрдүү ыкмада, түрдүү стилде, бир канча вариантта берүүнүн максаты окурманга ар жактан таасир этүүгө болобу же жокпу, бул да учурга карата изденүүнүн түрдүү жолдорунун бириби деп ойлойм.

Окурманга сунуш кылынган менин ойлорум аны иренжитпей, окууга улам жетелеп, кызыктырып барса, анда менин алдыга койгон максаттарымдын ишке ашканы деп эсептейм.

*Жалал-Абад шаары.*

## ОРУНДУУ ОЙЛОР

Салмактуу ой өз ордунда сакталар,
Салмаксызы сайда калып тапталар.

Көбүнчө көп сөз мааниси жок сөз.

Таарынычың айт, доомательндан кайт.

Канча жолу актан,
Кадыр таппайсың калптан.

Акылман алысты көрөт,
Акылсыз карышты көрөт.

Заман бирөөнө кызык,
Бирөөнө бузук.

Бирөөлөргө бар дүйнө,
Бирөөлөргө тар дүйнө.

Телпилдеген айылчы,
Тексиз болгон кайырчы.

Арактын арты –
Айыкпас дарты.

Сулуулук бакыт эмес,
Улуулук бакыт.

Мейман кетип өз калат,
Мааниси бийик сөз калат.

Ойлосоң ойдун чеги жок,
Оюнду жаса кеми жок.
Кургак ой менен жашаган,
Кунарсыз, анын бели жок.

Кашка башка тарак жарашпайт,
Сакалдуулга арак жарашпайт.

Убаданы аткарганың –
урмат-сыйга аттанганың.

Бек болгонуң намыска –
беттегениң алыска.

Эр жигит элге жагат акыл менен,
Эл өзү сыймыктанат атың менен.

Жашоодо сенин жалгыздыгың,
Терс мүнөздүү алсыздыгың.

Өз элиңди алдаганың,
Абийириңди жалмаганың.

Өз элин аттырган –
жат душман, ант урган.

Ичиңдин кара болгону,
Мээңдин жара болгону.

Бетиңдин калыңдыгы,
Акылдын жарымдыгы.

Канчалык жүрсөң калыс,
Болосуң чатактан алыс.

Эстүү элге жагат.
Эселек кимге жагат.

Элден жеген арам тамак,
Эчкемердей эсте калат.

Кекенген кекчил,
Кечирбейт эч бир.

Ойлуу дилиң сырыңды катат,
Ойсуз тилиң өзүңдү сатат.

Мите болуп элдин канын соргону,
Ичтен ирип Эл душманы болгону.

Чет элден адвокат жалдаганың,
Чексиз көп, эл байлыгын кармаганың.

Жылышы көзгө илинбей,
Жылдар өтөт билинбей.

Эки жүздүү миң өзгөргөн мүнөзү,
Эмне деген адам болду бул өзү.

Эң сук жана ач көз болуп калышты,
Элди тоноп, бетсиздикке барышты.

Ач көздүк азгырат,
Акылдан тандырат.

Бирөөнүн акылын уурдаган –
Билинбей акырын кууураган.

Айтар сөздү ачык айт,
Иштин башын ачып айт.

Зыкым болдуң,
Кыпын болдуң.

Аялың тизгин талашса,
Аягын байка, адашпа.

Кыңыр-кыйшык иш кылып жашырганың,
Сен өзүңө мүшкүл иш ашырганың.

Бир сөздүүлүк – бул эстүүлүк.

Калп сөз, тарп сөз.

Дүжүр чалдар кузгундар,
Элди бөлүп бузгандар.

Нысап кетсе чалдардан,
Эмнени күтөт балдардан.

Баштаары болсо айылда,
Бардыгы болот жайында.

Уйкудан колу бошобогон – бул жалкоо,
Утурумдук эптеп жашаган – аңкоо.

Карылар калыс болсо,
Жагынуудан алыс болсо.

Кыргыз кыз тийсе кытайга,
Анда кетти бүт айла.
Кытай алса миң кызды,
Басып кетер кыргызды.

Абсурд ишке барганга,
Кыргызстанга таң калба.

Коррупция мамлекетти башкарды,
Бул коркунучту оздуктоочу баш барбы?

Кимдин болсо котур ташы койнунда,
Көп күнөөлөр так ошонун мойнунда.

Акылсызга теңелбе,
Канча айтса да кебелбе,

Күлүктү сынаар жери алыстык,
Жакшыны сынаар жери калыстык.

Тыш келбет сулуу бийкечтин,
Тагдыры татаал тар болот.
Чындыгы бар бул кептин,
Ойлонбосо кар болот.

Ич дүйнө сулуу бийкечтер,
Сүйкүмдүү сонун жар болот.
Жашоосу шаттык шар болот.
Бардык жактан бар болот.

Ачкалык, арык кылып шакылдатат,
Көп дүйнө көбүртүп ооз бакылдатат,
Куу чиренди Кудайга да жакындатат.

Кайдыгер болдуң өзүңө,
Май сыйпадың көзүңө.

Көзү барда качан аны баркташты.
Көзү өткөндө туу тутушуп даңкташты.

Бюджетте турса суранып,
Айлыкка тойбойт адамдар.
Паралап баарын бүт алып,
Байлыкка тойбойт адамдар.

Бийлик сокур зор талантты билбеди,
Билсе дагы аны көзгө илбеди.

Калпың чыгат актануудан,
Баркың түшөт мактануудан.

Сөзүңдө турбай жылт берген, –
Сөккүнүн теңи ит делген.

Тантыраган көп сөздөргө ишенбе,
Тили сайрайт, колу-буту «кишенде».

Кайда болсо чындык менен калысты,
Ынтымак да ошону издеп табышты.

Бийликке келсең калыс бол,
Дос, туугандан алыс бол,
Кыргызстан үчүн намыс бол.

Чала доктур чаалыкпайт,
Чоң чөнтөктү чабыттайт.

Арак ичкен мугалим –
Арсызга үндөө бу таалим.

Калк үчүн тике тил катат,
Кайраттуулук бир сапат.

Тапканга таткан жакшы,
Жалкоого жаткан жакшы.

Көчөт эгип иштесең, багбанчылык,
Алып келет ал сага бардарчылык.

Аарыны баксаң ал керек,
Ашыкча таттуу бал берет.

Ар бир иштин бир күнгө тутулганы,
Билинбестен көп күндөргө утулганы.

Бир өмүрдө бийликке умтулбаган,
Билимсиз бир бечара былпылдаган.

Ашыкча ойкуштанып жылтылдаган,-
Айтып бүткүс өнөрлүү кылтылдаган.

Ата эненин жакшы уул-кыз балдары,
Ааламда жок теңдеши жок ардагы,
Карыганда ал-күч берер дарманы.

Амал ойлоп адамдарды алдаган, –
Атайылап өз бактысын байлаган.

Ишенимден чыкканың –
Бийик туунду жыкканың.

Тактык – бул сактык жана актык.

Чындыкты айтып дайым калыс жүргөнү –
Чыгаан болуп ишенимге киргени.

Ишиң башка, сөзүң башка,
Кыргыздарды бөлгөнүң.
Ишенимден такыр чыгып,
Кыпын болуп өлгөнүң.

Амал менен алдым-жуттум жашаган,
Адат кылып кыянат иш жасаган.

Пара жеген – байлык эмес,
Башын эзген кайгы мерес.

Убактынча элди соруп байыган –
Ушунчалык акыл-эстен тайыган.

Таза жүрүп, ак эмгектен татканың,
Жүзүң жарык, бакыт жашоо тапканың.

Ушак сөздү укканда уйкуң келбейт,
Ууландырып сезимди тынчтык бербейт.

Жеңил мүнөз желпилдейт,
Жер алмашып тепилдейт.

Сөзмөрмүн деп, сөздү төгүп сүйлөгөн –
Сөзү аба, бир чак шарды үйлөгөн.

Сөздө чындык, сөздө маани болбосо,
Керегi жок, ага көңүл толбосо.

Агын сууну булгаган –
Акылы кем бул адам.

Тазалыкты сактаган –
Өзүн куштай таптаган.

Максат кылсаң алдыга,
Жетүүнүн жолу аракет.
Аракет жок ал максат,
Кур кыял бир балакет.

Түгөнгөндө өмүрү,
Ичкиси келип сууну эңсейт.
Түгөл кезде көңүлү,
өлүмдү, чууну ким эңсейт.

Кызмат сыноо кыргызга,
Кызыгаар бекен алсызга.

Ал болсо такыр текебер,
Айтпастан сөздү кете бер.

Акырындап кулк-мүнөз да өзгөрөт,
Адамзаты акмактыкка тез көнөт.

Өзүн көрбөй, билбей,
тааныш боло албайт,
Өзгө тарткан,
Өтө калыс боло албайт.

Паракор албай койбогон,
Суктун көзү тойбогон.

Жакшылар жалган айта албайт,
Өз сөзүнөн кайта албайт.

Жамандар айтат жалганды,
Жактырбайт эч ким андайды.

Көзүң барда көптөрү жалтакташат.
Көзүң жокто ошолор, көө сыйпашат.

Көзүң барда жагынып калп мактаташат,
Көзүң жокто сын айтып, көп капташат.

Көп мактаба товарды,
Аларман билет аларды.

Көп жегендин көңүлү,
Айнып кусат турбайбы.



СУЗАК РАЙОНДУК
КИТЕПКАНАСЫ
...МЕНТ

Адаштырып ак жолдон,
Байлык бузат турбайбы.

Бийлик – өтө таттуу,
Оттон ысык таптуу.

Бийлик деген кумарлантат сезимди,
Берилүүдөн жоготтурат эсинди.

Күүлөнүп топтой түрүлүп,
Ылайлап аккан сел кыйын.
Бир максатка биригип,
Толкуп чыккан эл кыйын.

Кыйын, иш таппай дурусун,
Кылмышың бети курусун.

Эл-журтка сени тааныткан,
Талантың, акыл-эс болот.
Максатка жетпей карыткан
Ыкшоолук кийин кеч болот.

Жашоодо ниет түз болсо,
Жыргайсыз жайнап сиз болсо.

Аялынын тапканын жеп жаткандар –
Абийир, ырыс-кешигин бүт саткандар.

Жашоодо ниети бузук бар,
Жамандык ага кызыкдар.
Калдайып аты жазылса,
Карала кылат сызыктар.

Көлдүн көркүн чыгарган,
Өрдөк менен каз болот.
Көңүл көркүн чыгарган,
Көктөм келген жаз болот.

Алдын-ала кекиртегин ал тыйбайт,
Арак ичкен агайларды ким сыйлайт.

Тарбиячы, мугалимдик ардак ат,
Ага мыкты билимдүүлөр тандалат.

Канчалык ардак наамга тура билдик.
Ойлонсун, кесипти алган мугалимдик,

Жетпесе да илимдин акырына,
Эч бир чек жок адамдын акылына.

Мугалимдин сабакка даярдыгы,
Мыктылыгы ишине аярдыгы.

Иш түшпөсүн жаманга,
Ирийт баары арамга.

Ишиң түшсө жакшыга,
Илгерилейт астыга.

Таза суу тунук, татымсыз – былык.

Кайкып учуп өмүр сүр,
Кадырыңды билип жүр.

Оюңду ортого сал эл оңдойт,
Ошондо кемчилдиги болбойт.

Бекер пулга жутунган –
Бетсиз болуп кутурган.

Соода ишинде көп адамдар калп сүйлөйт,
Суу төккөндөй очогу жалт күйбөйт.

Чындык чыркырап ачуу –
Шерменде болуудан качуу.

Тирүүлүктө билинбей учат жылдар –
Кубануулар, бир укмуш кайгылар бар.

Сөз күчүнө сен дагы табынаарсың.
Сөзөмөлгө айла жок багынаарсың.

Адам жашайт кыял менен, үмүт менен,
Шаттык менен, күлкү менен, күйүт менен.

Бакыт кушу бир күн келип дуулатат,
Кайра кийин учуп кетип кууратат.

Көз көркөм, кооздукка
Кумарыңды кандырат.
Сулуулукка суктандырып,
Бүт эсиңден тандырат.

Жигит курак –келбетиңдин,
келишимдүү мезгили.
Кыз-бурак – кымча белдүү,
Ай-чырайлуу кыз пери.

Илээндилик шалаакылык,
Иренжитет көңүлдү,
Жыйынтыктуу таза бойдон,
Жашап өткүн өмүрдү.

Өмүрдө сүйүү бир келет,
Өлгүчө баалап жүр демек.

Карыганда канатыңды каксаң да,
Кайкып бийик учалбайсың асманга.

Карыганда байчекелеп,
бардык жерден каласың,
Көрүп жүргөн эң кызыктуу,
оюн-зоокту танасың.

Карыганда жактырасың,
Урмат, сыйды, тамакты,
Ынжыктанып, көп таарынып,
Көп коёсуң талапты.

Акылы кемдин ойлору тайыз,
Ашыкча сүйлөп сөздөрү маңыз.

Жан тарткан өзгө, боло албайт калыс,
Жакынды көрүп, көралбайт алыс.

Ач көз ар дайым алкымдан кетет,
Суктун суктугу башына жетет.

Алдамчы бирөөнү алдаса өзүн алдайт,
Алданган мамилеге экинчи барбайт.

Алдамчы – элден чыгып өз жолун тосот,
Алданган – ат чабым андан озот.

Түз жүргөндүн түндүгүнөн түтүн булайт.
Кыйшык жүрсөң кыйшайып ишиң урайт.

Жакшылардын туз даамын тата билгин,
Жанын тилеп аларга бата бергин.

Бактылуу бол, бай бол,
Бардык жактан шай бол.

Бечараны кемсинтип кордобогун,
Бети жокту теңсинтип колдобогун.

Жамандык бардык тирикте,
Жакшылык өтө бийикте.

Бекер пул улам тузактайт,
Өмүрдү анча узартпайт.

Ашкан байлыктын түбү, –
Ачыккан жандыктын түрү.

Көңүлүңдү кирдетпе,
Көөдөнүңдү зилдетпе.

Көңүлдүн кири дат болор,
Көбөйүп барып дарт болор.

Корс кыял болсо мүнөзүң,
Бош каларсың бир өзүң.

Кээ бир доско жарыгың тийип турса,
Көөмүш уйдай көңүлүң ийип турса.

Акылы тетик көзөм бол,
Журт башкарган көсөм бол.

Карызга сурап аларда,
Кичи пейил жылмаясың.

Карызды кайра берерде,
Кабак бүркөп кыйналасың.

Көп жемелеп урушпа балдарыңды,
Ойло сен баркың кетип калганыңды.

Эстеп жүр, күн мурунтан карыганыңды,
Ким угат сенин ички арманыңды.

Ишеничтен кеткениң –
Иттик жолго жеткениң.

Адамдын тебелесең тагдырларын,
Жазалайт, жазмыш өзү ар бир жагың.

Эмгектин оор жылдары,
Эсиңди тапсаң бүт баары,
Эпкиндүү жашоо жыргалы.

Алкымыңдын чоңдугу,
Арт жагыңдын кордугу,
Абийирсиздик молдугу.

Уктум мен чиновникке айың кепти,
Айлыгы аз болсо да байып кетти.

Суктук менен парага кызыкканың –
Эртеңки уят-сыйды унутканың.

Сулууларга кимдер гана кызыкпайт,.
Эс болбосо үй-бүлөнү кызытпайт.

Күч колдонсоң башкага –
Күлгүн жаш жашайт аз гана.

Мээлесең бирөөнү атканы –
Сени да мээлейт арттагы.

Ишенимсиз адам –
Ишсиз калган наадан.

Адам болсоң жатык бол,
Асмандай тунук ачык бол,
Эл-журтуңа катык бол.

Тар болуп жашаба,
Бар болуп жаша.

Жашоо – жаркыраган жаннат.
Бейажал өлүм – кыямат.

Токтоо тартса кыялың,
Терс жагыңды тыярың.

Ар бир ишке шаттанганың –
Алгыр куштай тапталганың.

Бүгүнкүнү бүткөргүн,
Эртеңкини эскергин.

Чамаңды карап чактагын,
Чак түштө досуң сатпагын.

Кези-кези келгенде,
Кепке калба шерменде.

Арам ишке малынганың,
Аксымдыкты жамынганың.

Болчу бала жаш кезинде билинет,
Бирге ойношкон балдар ага биригет.

Алсызды дайым тилдегениң –
Алысты көрө билбегениң.

Алсам деп дайым ойлогонуң –
Ажыдаардай тойбогонуң.

Өмүр бою тойлогонуң –
Өз өмүрүң соймогонуң.

Өз элиңе кас болгонуң –
Өмүр бою пас болгонуң.

Элден алып жеп ичкениң,
Эпсиз ач көз жегич тегиң.

Чоң кызматка жулунганың, –
Бир апаатка урунганың.

Чиновниктер байлыкты уурдап жешет,
«Аш болбостон жегендер куурайт», – дешет.

Миң өлчөп жалпыга көңүл бөлгөнүң –
Ой калчап, алысты дайым көргөнүң.

Ааламдын калкын билгендер,
Адамдын баркын билишет.

Айтканың бүт чын болсо,
Арасында чыр да бар.

Тескери жолго басканың –
Текиреӊ алган таскагың.

Бар болсоң ашып кетпе,
Көбүрүп ташып кетпе.

Жоктукка жашып кетпе,
Калбагын сасык кепке.

Акылга ал, айтканымды айрым жаштар,
Асылдар – карыптарга кайрылгандар.

Жакпаганга жандап барба,
Жан, денеңди таза карма.

Кыргыздын түндүк, түштүк бөлүнүшү,
Мекенге – жат душмандык көрүнүшү.

Баарын сатып,өнөр жайды кыйратканың –
Кайран элди ишсиз коюп ыйлатканың.

Кайран ажо, эл ишеничин актабадың,
Кыргыздын баркын билбей көп арманың.

Бакыттын баркын билгендер билет.
Табышмак дүйнө кайырмак илет.

Сөзүңдү бекем тутканың –
Көп жагыңан утканың.

Көп коркконуң өлүмдөн –
Коштошконуң өмүрдөн.

Бардык жактан сак болгонуң, –
Бактылуу да ак болгонуң.

Жарашыктуу кийингениң –
Жалпы көзгө илингениң.

Эгер болсоң сезимтал,
Эстүү, ойлуу, сөзүң бал.

Өлүмдөн сен эч качан коркпогонуң,
Өмүрдү өзүңө көп топтогонуң.

Чын дос болсоң достуктун баркын билген,
Чоң жүк арткан өзүңө таазим этем.

Сөзүң менен ишиң шайкеш келбесе,
Аргасыз кеп Кудай акыл бербесе.

Алып качам деп кыздарды зордогонуң –
Адамдын эрк, намысын кордогонуң.

Билбегениң – ал түбөлүк боздогонуң,
Сезбегениң – жырткыч сезим козгогонуң.

Амал менен алдоого кызыкканың –
Абийири жок аябай бузук каның.

Кызды сүйсөң ички сезим дилин тапкын,
Бактылуу бол, сен өзүң ага жаккын.

Өз добушун саткандар –
Өлөр күнүн тапкандар.

Элин алдап сүйлөгөн –
Өз Мекенин сүйбөгөн.

Жалкоолор иш тандайт.
«Иш жок» – деп сөз камдайт.

Өмүр бою бут эңседи жыргалды,
Өлөөрүндө бардыгынан куру калды.

Барлыктын баркын билбеген –
Бактысын тебет тил менен.

Элинин канын соргон –
Эзелтен качык болгон.

Мамилеге так бол, өмүрүңө сак бол.

Жоомарт болсоң, оомат келет.

Бийлик барда тар болсо,
Бийлик жокто кар болот.

Ички сырың бүт жашыр,
Сыгып баарын ишке ашыр.

Бирөөгө көралбастан асылбагын,
Бирөөлөр басынтса сен басынбагын.

Асмандай ачык болгун жашынбагын,
Нөшөрдөй төгүлүп жүр басылбагын.

Миң жылдык өлүк жаннаттан,
Жарк этип жарык жайнаткан,
Тирүүлүк артык бир күндүк.

Убада сөзгө турбаган –
Уятсыз өзүн булгаган.

Тили жок улут болбойт,
Кыргызстан курут болбойт.

Президенттин калпы,
элге жетет жалпы.

Жазмакерлердин иши жарык көрөт,
Айлакерлердин иши арам өлөт.

Эки жүздүүлүккө барган кадам,
Эсинен ажыраган адам.

Абийир сактап каниет ал,
Адам болбо самопал.

Башчылар баары так болсо,
Эл башына бак конот.

Жалганчы болсо башчысы,
Жайлап таштайт каршысы.

Сүйүүгө жетпедим деп боздогондор,
Сезим отун ашыкча козгогондор.

Сүйүүгө көп ашыкча берилгендер, –
Жетиштүү тамак ашка семиргендер.

Алсызды ар ким жемелейт,
Алы жетсе тебелейт.

Жалкоо – жатып ичет,
Жаман катып ичет.

Байлыкка мас, шойконду баштайт,
Баштаган шойкону башынан ашпайт.

Карыганда калк бузар,
Кайгы тартып кан кусар.

Башканы эркелетсең башыңа тебет.
Байкатпай туруп ашыңа уу себет.

Түпкү жоону кашып тур,
Желкесинен басып тур.

Түпкү жоону көтөрсөң,
бардыгын аңтарат.
Төшкө тээп тайраңдап,
төбөңдө даң салат.

Эл намысын билбеген,
Эр намысын билеби?

Жооптуулукту билбеген,
мыйзамды көзгө илбеген.

Билгизбей ишке ашырган,
былыктар чыгат жашырган.

Териштирип келгенде,
Генерал болот шерменде.

Дүйнөдө көп бузуктар,
Кыргызда көп кызыктар.

Ажылдап чыккан катындар,
Ары жок пулга бакылдар.

Изденип таап акылды,
Көп пулдуулар катырды.
Пикетке жалдайт катынды.

Аялдар ыйык энелер
Аларга кимдер теңелер.

Аялдарды кордогон –
Өмүрүндө оңбогон.

Чындык үчүн чыккыла,
Калпты көргө тыккыла.

Наркты бекем сактайлы,
Намысты пулга сатпайлы.

Издебе анын пас жагын,
Жазганда жаза баспагын.

Кийимди тандап кийсем да,
Байлыкты, пулду үйсөм да,
Менин ким экеним белгилүү.

Жагымсыз иштер кыйнасын,
Жамандыкка кыйбасын,
Элиң сени сыйбасын.

Жамандын пейили тар болот,
Карыганда кар болот.

Бул эмнеси, эл айтканы бүт туура,
Рэкеттен сот,прокурорлор коркууда.

Аткарбаган Указды эл түшүнүштү,
Президенттин кадырын түшүрүштү.

Мамлекет күч жагынан алсыз,
Камынтпаган каршылыкка камсыз.

Президенттен эл чындыкты күтөт.
Коррупция качан жоюлуп бүтөт.

Президент бардыгына билмексен,
Постто туруп байкабаган ким десең.

Кыргызга да бир Кудайым береттир,
Президентке чечкиндүүлүк керектир.

Келечекке өлкө үчүн тартынба,
Сени колдоп элиң турат артында.

Намыстанып, кайраттанды премьер
Президент, колдоп турсаң сен эгер...

Кыйын, бирок эл үчүн ал тиштенээр,
Көп сырды ачып, өлкөгө зор иш берер.

Узун болуп өмүрлөр,
Төп келишип көңүлдөр.
Насиптерди бирге татып,
Жолугушуу кандай бакыт!

Чындык азыр алсыз болду,
Чиновниктер арсыз болду,
Чексиз байлык камсыз болду.

Өлүмүн анын эстейт ким,
Өмүрү кыска рекеттин.

Ушуну такыр ылгабайт,
Уурулар такыр жыргабайт.

Бергениң андан кайтпаса, –
Бети жок анын айтпаса.

Кыйналып малды тапканың,
Кызылдай байлык тапканың.

Биröөнүн узун тили бар,
Бирөөнүн ичте кири бар.

Адамдын түрдүү түрү бар,
Ал жагын байкап билип ал.

Сен өзүңдү бордобо,
Семиз кылып кордобо.

Жакшыны издеп жанашкын,
Жамандан качып адашкын.

Амалдуулар арбашат,
Алсыздарга жармашат.
Алдыргандар каргашат,
Алдуулары кармашат.

Тактабаса адашат,
Таарыныч кайра жарашат.

Жалданган намысы жок пикетчилер,
Жашоонo күнүмдүккө акча энчилер.
Келечекти ойлобос күн кечтилер,
Кемирүүчү, ою жок ал кескилер.

Кадыр-баркка татыктуу бол сен өзүң,
Айтылганда чындык болсун бүт сөзүң.

Күткөн кишиң келбесе зарыктырып,
Көңүл чөгөт көзүңдү талыктырып,
Соккуң келет өзүнө барып туруп.

Курдаштардан алыстаба,
Куруп калба, жалгыз калба.

Карап көрчү эң бир татаал тагдырды,
Кумар ойноп өз аялын алдырды.

Кыл үстүнөн кылт этет, турбайбы жан,
Күттүрбөстөн өткөнгө калбагын таң.

Бул дүйнөдөн өтпөгөн кимдер калган,
Боло берет турбайбы ичте арман.

Шаттанып бийик ал турду,
Шак сынып, көңүл калтырды.

Жосунсуз, жогору мактап жүгүнөр,
Жойпудан ишеним такыр түңүлөр.

Ачкалык арык кылып шакылдатаар,
Көп дүйнө көбүртүп ооз бакылдатаар
Куу чиренди Кудайга да жакындатаар.

Көбүнчө карып калганда,
Калганын айтат арманда.

Жаш өтсө да жашаш керек өмүрдү,
Калыпка салып, калтырбайлы көңүлдү.

Көңүл деген абадай керек болот.
Карыганда өмүргө жөлөк болот.

Бала деп сен өзүңдү таштабагын,
Көңүлүңдү көтөргүн, ач кабагың.

Улгайганда жаныңды кыйнабагын,
Узун өмүр – өзүңдү сыйлаганың.

Өлтүрбөгүн өмүрдү,
Калтырбагын көңүлдү.

Тили суук, көңүл кирдетет,
Өзү сук, адам жийиркентет.

Катуу айтсаң, тил жетет,
Көңүлдү кайткыс зилдетет.

Жашоого кайдыгерлик караганың,
Жаманды жашырууну каалаганың,
Караны ак аппак деп баалаганың.

Канча жашоо белгисиз өмүр кыска,
Узак болор өмүрүң, жаша нуска.

Колу ачыкты Кудайым колдой берет,
Максат кылган бүт ишин оңдой берет.

Көзү барда көңүл бурбай кыйнашаар,
Көзү өткөндө абдан жоктоп ыйлашаар.

Байбичеге чалы жөлөк акыл-эси,
Чалга дагы зор бакыт байбичеси.

Кемчиликти чалына айтып эркелейт,
Чалы дагы байбичеге энтелейт.

Биригип бардык калкыбыз,
Иштесек чындап жалпыбыз.
Жектесек жегич жоголоор,
Кыргызстан өсүп оңолоор.

Көзүң барда көрктүү жаша бал татып,
Көңүл куунак кезиң өтө зор бакыт.

Тапкан дүйнөң адалбы аны түшүнгүн,
Ыраатын көр маңдай териң ишиңдин.

Эсинди жый, акыл менен кыйын кезде,
Эркиң менен жеңүүнүн ыгын эсте.

Атып чыгып, көп таланттан иргелди,
Ал Ырысбай кыргыз үчүн бир келди.

Зор Ырысбай кайрылбас да, келбес жок,
Азырынча Ырысбайга теңдеш жок.

Ал Ырысбай кетти кайра кайрылбас,
Таланттарды баалабайт деп кайгырбас.

Конок келсе кабагыңды салганың, –
Наркты билбей айбан болуп калганың

Меймандан качып кеткени, –
Өз ырысын тепкени.

Алым, берим курутат,
Алдым-жуттум жулунтат.
Адам деген улуу ат,
Аны дагы унутат.

Жаш кыздарды алдашып, жандарын жеп,
Жашырынып кетишет башканы издеп.

Керексиз маалда нерсеге чалынасың,
Керек кезде аны издеп чаалыгасың.

Аял киши дасторкондун устасы,
Агып келген бүт байлыктын туткасы.

Меймандостун дасторкону толуп турат,
Мээрим төгүп ырыскысы конуп турат.

Ичи тардын иши алга жүрүшпөйт,
Кең адамдар титирешип бүрүшпөйт.

Зарыл иштер бир күндүк бүтпөй калуу,
Кечиккени көп жылга унуткаруу.

Ичи тар адам,
Итче каап сүйлөйт.

Кыргызстанда калыс чындык болсо экен,
Ынтымактуу оомат кушу консо экен.

Бөлүнгөндүн кемчилиги билинер,
Кыргыз дагы төп болушуп биригээр.

Жашоодо тегиз бар болбойт,
Жакырлар жалаң бай болбойт.
Жакшылык кылган тар болбойт,
Жүдөбөс адам кар болбойт.

Жеңил болбо, салмактуу бол,
Арсыз болбо, ардактуу бол.

Жер жүзүндө мугалимди сыйлашат,
Кыргызстанда аз айлыкта кыйнашат,
Студенттер пара таппай ыйлашат.

Баарын көрүп турмуштун даамын татып,
Өз алдынча басып жүрүү кандай бакыт.

Жашооңо ыраазы болбой чөгө берсең,
Кысылып сен көз жашты төгө берсең
Ден соолукту, жашоону жоготосуң,
Сен ойлобой тагдырды сөгө берсең.

Ар инсанда жашыруун бир сыр жатат,
Ачкычын таап дилин ачсаң, тил катат.

Жакшы адамга сырдаш болуу –
Бул жашоонун бөлүгү.
Сыр ачпастан чөгө берсең, –
Бул жашоонун өлүгү.

Айга колду созбогун аламын – деп,
Алды-артыңды ойлогун, каларың мерт.

Бөтөн эл бутагыңды кайырбасын,
Өскөн эл, тагдыр сенден айырбасын

Жазда иштеген бир күндүк,
Азык болор миң күндүк.

Күздө иштеген бир айлык,
Күтүрөгөн зор байлык.

Акчаны катсаң жакшы,
Мал-мүлктү тапсаң жакшы.

Бардык ишти өз маалында бүтүргөн,
Барктуу жашап, бай болууга күтүнгөн.

Бардыгын чечсе акылың –
Баарыга болот кадырың.

Жалкоо – жарыбайт, иши – арыбайт.

Бул сөзүмдүн калпы жок,
Бар нерсенин баркы жок.

Төрт кыргыз
Кыргызстанды тартышса төрт жакка,
Кыргызстан тыгылат го баткакка.

Акылы жокко айтканың «тыйын»,
Башы жокко башкаруу кыйын.

Докчул кудаанын догу,
Урмат-сыйдын жогу.

Жалакай келин жарытпайт,
Жакшыны самап чабыттайт.

Жагымдуу сүйлөп барктайт,
Жакшы аял эрин карытпайт.

Кайсар адам көрө билбейт алысты,
Баалай албайт эр жигиттик намысты.

Калың журту тике көзүн  кадашат,
Кайсар адам түз жолунан адашат.

Ардак уулдун эрке болуп калганы,
Атасынын айтып бүтпөс арманы.

Эңсеген кыз эрке болуп калганы,
Энесинин эпсиз эзген арманы.

Бактылуу өмүр сүрүүгө,
Акыл менен бел керек.
Баш көтөрүп жүрүүгө,
Артында асыл эл керек.

Өксүктүн кемчилигин айтканың –
Өлүмгө тете, жүрөгүнө атканың.

Өксүктүн көтөрүлгөн көңүлү,
Анын узак жашоо өмүрү.

Ички дүйнөң кең болсун,
Бардыгына тең болсун.

Эстүүлөр элден бата алат,
Эси жок шүмшүк аталат.

Соодагерлер жалганды көп айтышат,
Калп мактап, күнөөгө алар батышат.

Жалганчылар кадыр-баркы кеткенин
Сезбейт алар кескиликке жеткенин.

Соодада да айткан жакшы чындыкты,
Эч жашырбай кемчиликти, кынтыкты.

Чындыкты айтсаң аларман да түшүнөт,
Сен айткандан бир аз бааны түшүрөт.

Оомат деген бир келет,
Ошону билген иргелет.

Оомат кетсе курудуң,
Ач калган иттей улудуң.

Оомат келсе оолукпа,
Өмүрдү бекер соолутпа.

Ойлонбой кылган мыш болот,
Өңү суук кыш болот,
Адамдыктан тыш болот.

Жакшылык кылсаң жарашат,
Жамандык сенден адашат.

Алыс жакка кеткенден келген жакшы,
Ач, карыпка кайрылып берген жакшы.

Капалыктан чектелүү күлгөн жакшы,
Качан болсо оорубай жүргөн жакшы.

Билбегенди көп окуп билген жакшы,
Акылмандын сөзүнө кирген жакшы.

Жокчулуктан барчылык болгон жакшы,
Бөксөлүктөн кемтигиң толгон жакшы.

Жаңылыкка кулакты түргөн жакшы,
Тынч замандын доорун сүргөн жакшы.

Баштаган ишти бүтүргөн жакшы,
Кийинкисин күтүнгөн жакшы.

Жарашкан бетке кал жакшы,
Мөмөсүз бактан тал жакшы.

Кумшекерден бал артык,
Жалкоо жаштан чал артык.

Сүйүү алга талпынтып эргүү берет,
Сүйлөшкөнү ар дайым келгиң келет.

Сүйүү деген бул өзү – жалын, кумар.
Сагынтып ал жаныңды тартып турар.

Белдүү, эрктүү, күчтүү болсо кайраты
Бардык иште бүт табылат айласы.

Үй-бүлөнү бага албаган эркектер,
Табияттын так өзүнөн келтек жээр.

Аял киши сойку болуп бузулса,
Аягы ушул, адамдыктын тузу урса.

Сойку болсо кыздары,
Соолуйт абийир бүт баары.

Кыздар сойку болгону –
Тартип тайкы болжолу.

Тар шым кийип көчүктөрүн томпойткон,
Көмүскөдө көп кишини ойлонткон.

Киндик жагын көрсөтүп кылыктанган,
Курттап кеткен теридей жыдып калган.

«Элим» – деп дайым кыйкырган,
Өзүмчүл өлө тыркыйган.

Коррупцияга каршы көп сөзү –
Коррупционердин дал өзү.

Элди алдаган амалың,
Күлкү келет карагын.

Калптарды кийин калыптайт,
Убакыт өзү аныктайт.

Чалгытып айтып жанын жейт,
Чындыкты турмуш далилдейт.

Чабуул коюу – коргонуунун бир түрү,
Чамасы чак, ушуну ойлойт күн-түнү.

Байлык топтойт адамзат бекем сактай,
Ашып, ташып кетсе да жерге батпай.
Кумарланып көбөйтөт өзү татпай,
Куурап жашайт корккондон үйгө жатпай.

Кар болуп жашаба,
Шар болуп жаша.

Жок болуп жашаба,
Ток болуп жаша.

Орой болсоң оңбойсуң,
Оң жак сынга толбойсуң.

Сылыктар сынга толушат,
Сый үстүндө болушат.

Колуңдан көркөм иш келсин,
Көз тайгылтып иштелсин.
Көргөндүн көөнү ачылсын,
Ич кумары жазылсын.

Калсаң дагы ач, куру санаадан кач.

Санаа саргайтат,
Кейипиңди тарбайтат.

Элиңди сүйсөң ызат кыл,
Жериңди сүйсөң кызмат кыл.

Элиңди салба азапка,
Көп көтөрбө казатка.

Эл айдактаар ит эмес,
Өтө майда бит эмес.

Кыргызды түрткөн кыргызга,
Отурар бир күн ал сызга.

Кыргызды төрткө бөлгөнү,
Вузуку болуп өлгөнү.

Урууларга бөлүнбөсө кыргыздар,
«Улуу кыргыз», атын сактаар жылыш бар.

Жасаган ишиң илдекер,
Жарытпайт аның ит бекер.

Көркөм иш турса жалтырап,
Көргөнгө таасир калтырат.

Ойлосо дайым жамандык,
Онтотот аны арамдык.

Оюнда кандай каласың,
Ошонун жообун аласың.

Жашоодо кандай жүрүшүң,
Жараша сенин үлүшүң.

Көрсөткөндөр зордукту –
Көрүшкөн өзү кордукту.

Баш кесерлер эсирген –
Өзүнүн башы кесилген.

Ок менен жанга катылган, –
Ошонун өзү атылган.

Элирип элин соргондор,
Эпсиз ач көз болгондор.

Тоолор болсо мөңгү суусу шар агат,
Талант болсо көркөм иштер жаралат.

Канат болсо кайкып бийик учасың,
Талант болсо зор сыйлыкты утарсың.

Эңсеп келген жамандыктын бутасын,
Эртеңки күн, кайгы уусун жутасың.

Карыганда калжайып,
Кароолдон башка иш калбайт.
Кызыл ээк болуп кемшейип,
Мүлкүңдөн башка тиш калбайт.

Кубанба уурдап тапканга,
Кууруйсуң түшүп капканга.

Жашырып пара алганың,
Жабыккан ойдо калганың.

Жатып ичээр жан бакты,
Жашап өлбөй калмакпы.

Жатып ичээр мителер,
Жашоодо алсыз, бүт өлөөр.

Ата-эненин мойнунда жашагандар –
Мыкаачылык, зомбулук жасагандар.

Аялынын тапканын жеп жаткандар –
Абийир, ырыс, кешигин бүт саткандар.

Бечаранын малын уурдап жегендер –
Бетти сыйрып «мен жашайын» дегендер.

Ач калганга тамак бергениң –
Алга учууга канат бергениң.

Түйшүк тартып өзүңө туз артканың, –
Тың жашоого өмүрдү узартканың.

Бул жашоодо кайраттуу бол,
Душманыңа айбаттуу бол.

Ойкуштаган көп боёктор беттеги, –
Өңсүз болуп, кадыр-барктын кеткени.

Сулуумун деп чиренген,
Суук пикирге тирелген.

Сойкулардын жашоосу катаал болор,
Сулуулардын жашоосу татаал болор.

Ар жерден илип сүйлөбө,
Аны сен билип сүйлө.

Аялыңды аңдып аша кызганба,
Андан көрө азык-түлүк туз камда.

Баркың кетет урмат-сыйды билбесең,
Үй бузулат тилди тартып жүрбөсөң.

Шамал болсо теректер да шуулдайт,
Шайтан оюн эл ичинде дуулдайт.

Эркиң бекем болбосо,
Элирет сезим козгосо.

Эгер ниэтиң кара болсо,
Жашооң бүт жалаа болор.

Ниэтиң түз, бардык процент жүз.

Бардык жанга мээрим төгүп карасаң,
Бактылуусуң, баары болот самасаң.

Ары жок алкынып сүйлөйт.

Обу жок оолугуп сүйлөйт.

Нарксыз наалып сүйлөйт.

Акылман акырын айтат,
Адашса андан кайтат.

Атасына кол көтөргөн, –
Арсыз айбан, жиндеп өлгөн.

Энесине кол көтөргөн, –
Эпсиз айбан эпкинделген.

Атасын сыйлаган,
Абийир, сый жыйнаган.

Энесин сыйлаган,
эң көп сый жыйнаган.

Эси жок, элүүсүндө карыйт.

Тексиз келин тетири басат.

Эстүү келин эмгекчил болот,
Эрин сыйлап, үйү шаңга толот.

Үй-бүлөнүн сыйлашуусу –
Үмүт ойдун ишке ашуусу.

Жаш түгөйдүн сырдашуусу –
Жаркын сыйлуу жыргашуусу.

Балага жакшы тарбия бергенин,
Бактылуу жашоого келгенин.

Балалуу болууну эңсейт жаш чагың,
Бага албай таштап качпагын.

Баланын тили – бакыттын бири.

Төрөлгөндө нур жанып,
Сүйүндүргөн баласың.
Ооруп калса кокустан
Эс-учуңдан танасың.

Суу жиберип жолду бузган.
Суу куйду ал, элге душман.

Эсиң болсо жолду оңдо,
Элге сенден чексиз олжо.

Жапайы жаныбарга жардам берип бакканың,
Жалгыз жаныңа кошумча өмүр тапканың.

Терең сууга секирген жумшак түшөөр,
Тайыз сууга секирген ташка тиер.

Толук угуп, так түшүнбөй «секирген» –
Токтоо эмес татаал мүнөз кесирден.

Кол сунуп, күнгө учуп жете албайсың,
Жашоодон бөтөн жашап кете албайсың.

Талпынсаң да ай, асманга жердесиң,
Алкынсаң да бир бечара пендесиң.

Мас кезинде алар итче кабышты,
Ар кыл бузук кескиликке барышты,
Мына эми намаз окуп калышты.

Чартылдап катуу кетпегин,
Чагынды кийин эстегин.

Көз жетпестей, бирикпей кол калтарат,
Көптүн башы бириксе тоону аңтарат.

Кубанганың көңүл куунап жайланат,
Суранганың сук адатка айланат.

Алакчылап алсызды унуткандар –
Адамдыктын ыйманын куруткандар.

Кекээрлеп кепти айткандар,
Сый сезимден кайткандар.

Көтөрсөң көңүл жаз болор,
Көп каксаң, жүрөк таш болор.

Жок нерседен жаман үй да курулбайт,
Жактырбаса,жалынсаң да бурулбайт.

Барктуу болуу сөзүңдөн,
Бактыны изде өзүңдөн.

Таттуу ой менен жашагын,
Табына жетип жасагын.

Эркинди алга кыстагын,
Эсиңди бийик туштагын.

Ойлоп көрсөң эртеңки күн бүдөмүк,
Өзгөрбөгөн эч нерсе жок түбөлүк.

Айттырбай келээр жамандык,
Аны да жеңген амандык.

Куттүрбөй келээр жамандык,
Куйүттү жеңген адамдык.

Кыска ойлогон кыйналар,
Алысты көрсөң нур жанар.

Уу сөзгө жаман, маш болор,
Уугуп көзгө жаш толор.

Сулуулук берген көз болот,
Сый-урмат берген сөз болот.

Сырдашуунун сыры көп,
Сыйлашуунун кыры көп.

Өнөрдүн түрдүү тили бар,
Ошонун көбүн билип ал.

Интернет келди жардамга,
Иштете бил, сен карыганда.

Техника келди жалданма,
Текши бил, калба арманда.

Жакшылык тапталат,
Жамандык сакталат.

Жакшылык кылсаң доолаба,
Жамандык көрсөң жоолаба.

Чиновниктин башкага сатылганы –
Чыркыратып эл мүлкүн сапырганы.

Пара жеген чиновник элин сатат,
Бара, бара улам кыркып жерин сатат.

Түпкү кыргыз баласы, түз элин коргойт,
Түбү башка ал сага, түк эл болбойт.

Бөтөн элдин боор ачышын билдик беле,
Бөлүнүшкөн төрт кыргыз бириккиле.

Түндүк кыргыз түштүккө эч доо койбойт,
Түштүк кыргыз түндүккө эч жоо болбойт.

Кыргыз шумкар канатын бийик кагат,
Түндүк, түштүк шумкарга эки канат.

Шумкар кыргыз көкөлөйт,
Шумпай жетпей пөпөлөйт.

Артыбызга из калтырып жүрөлүк,
Элге жакса атың калаар түбөлүк.

Татыктуу эл, сары майдай сактады,
Түк өчпөстөн ардакталды аттары.

Жаңгактардын уюлдарын саткандар,
Жанын сабап көп долларды тапкандар.

Кылмыштарды кылып коюп таңа албайт,
Кыжыр келет мыйзам чекте камалбайт.

Мыйзамдарды тебелеп,
Калптан качып жүрбөсүн.
Жогору жактан тымызын,
Баштан сасып жүрбөсүн.

Жок нерселер табылбайт издебесе,
Жакырчылык жоюлбайт иштебесе.

Жардам берсең жардамды ала берет.
Жалкоолор, жалкоо бойдон кала берет.

Ал тыгылып, сазда ордунан жылбаса,
Тартсаң чыкпайт, өзү аракет кылбаса.

Байлар кантип байышат,
Бар жөндөмүн сайышат.

Наам үчүн чуркабагын сен өзүң,
Накта эмгекти баалаганга көнөсүң.

Сааттар өтүп түш ооп, күн да кечкирэр,
Түштөн мурун айтпаган сөз эскирер.

Алдыңа келсе жакшы адам,
Ага бергин тез жардам.

Салмактуубу, жеңилби
Күлгөнүнөн билинет.
Салтты билген эстүүбү,
Жүргөнүнөн билинет.

Ордундабы тайызбы,
Сөздөрүнөн билинет.
Оолукмабы тереңби,
Көздөрүнөн билинет.

Туруктуубу кур желби,
Мамиледен билинет.
Телпилдеген тентекпи,
Теги элден билинет.

Чыга турган бала,
Жаш кезинен билинет.

Чыдамдуулукка кана,
Бардык көзгө илинет.

Кем акыл бала чоңойсо,
Ата-энеден жат болор.
Эл-журтунан алыстап,
Эзилип ичте дарт толор,
Ээндикте тарп болор.

Сен өзүң белдүү бол,
Колдогон элдүү бол.

Эң жакының аялың,
Сен ошону аягын,
Карыганда таярың.

Тагдар буйруп жол тартсаң,
Тосуп алар жан болсо,
Ага кандай жүк артсаң,
Көтөрөр досуң бар болсо.

Алдыга көп талпынып,
Аша чаппа алкынып.

Ар бир иштин унутпай эстээр жагы,
Айткан сөзүң өтөбү эртең дагы?

Айткан сөзүң эп болсун,
Ааламга жагып кеп болсун.

Убада сөзүң бек болсун,
Так иштелип тек болсун.

Жаманды жектебе,
Жакшыны кектебе.

Ар нерсенин арты болор,
Айкындалып тарпы болор.

Ар качан жанын жеген уурдап малды,
Артында, тукумунда эмне калды?

Жаман болсо атасы,
Балдарынын капасы.

Кыйналгандын дарты бар,
Кыйындардын баркы бар.

Ар бир элдин салты бар,
Ар бир иштин сарпы бар.

Алыска шилтээр кадам бар,
Алмашкыс сомго адам бар.

Байлыкты жыйган миң кыйын,
Пайдасыз болсо бир тыйын.

Кыйындар иштеп бай болсун,
Кыргыз эли бар болсун.

Жакыр жатат туз, нан жок,
Жалкоолорго убал жок.

Бакыт издеп жол тартсаң,
Бардыгы болор барк тапсаң.

Жан кечтилер билип алып,
Ишендирет жалгандан.
Ишенчээктер өмүр бою
Алданганы, алданган.

Жакшы жашоо –
Эч бир ойдон кетпестир,
Жалкоолуктан ал ойлорго жетпестир.

Жакырлардын баары жалкоо болушат,
Жайда жатып, кышта суукка тоңушат.

Белдүүлөрдүн ачык анын тайбасы,
Бели жоктун такыр болбойт кайраты.

Ката кетсең актанба,
Кадыр түшөт мактанба.

Дак каласың даттануудан,
Сак каласың сактануудан.

Кадыры жокко кайрылбайт,
Капыстан өтсө кайгырбайт.

Сандырак ишиң,
Сындырар тишиң.

Жаагы жоктор жакылдайт,
Жалганчыга жакындайт.

Элге болсоң таанымал,
Элдин жүгүн кабыл ал.

Журтка болсоң таанымал,
Жутунганды таанып ал.

Кыргыздар билет сөз баркын,
Кызылдай ойго бай алтын.

Тар болбой ичиң кең болсун,
Калыстык элге тең болсун.

Так мелжеп тиер таамай сөз,
Баамы жеткен баалайт өз.

Берилип башың иштесин.
Беделиң асты түшпөсүн.

Чындыкты уксаң эгер сен,
Чуу салган оңбойт эзелтен.

Көңүл да тунук суу сымал,
Кирдетпей таза сузуп ал.

Күргүштөп сүйлөп оолукпа,
Кирдетип көңүл оорутпа.

Өмүр деген күйүп турган шам чырак,
Өлгүчөктү жашап өткүн жакшыраак.

Калкка ичиң тар болбо,
Карыганда кор болбо.

Менмин, – деп дайым көкүрөк койгон жарабайт,
Көөдөндү керсең, көпчүлүк элиң карабайт.

Досторуңа кызыкса,
Аялың сага бош эмес.
Аялыңа кызыкса,
Ал душман, сага дос эмес.

Көралбас дайым көралбайт.
Көөдөнү күйөт өлө албайт.

Айтылат укмуш, аты улуу,
Айкөлдөр кандай бактылуу.

Карөзгөй канча сындасын,
Кайрылып канат сынбасын.

Алдап шилтээр оң, солго,
Айдакка көнгөн ит болбо.

Өзүн балит кармаса,
Арамдан да бит чыгат.
Өмүр бою асылган,
Адамдан да ит чыгат.

Сууда жашап эң сугу,
Жырткычы да акула.
Жерде жашап жеп турган,
Эң жегичи сот тура.

Баланы таштап качкандар,
Бактысын өзү жанчкандар.

Абортко барган кыз, келин,
Адаштың бакыт издегин.

Кызды алдаган жигиттер,
Чоң кылмышка кириптер.

Жеңил болсо мүнөзүң,
Жетенди урдуң бир өзүң.

Жылмаңдап жыргап жүрөрсүң,
Жыйынтыгын көрөрсүң.

Көп жаранын карты бар,
Ар бир иштин арты бар.

Жаман жүрсөң бакытың жарты болор,
Жарылбаган жарадай дарты болор.

Көп жылдарды көрө бил,
Түркүн түстү бөлө бил.

Эл-жериндин байлыгын,
Ач көздүк менен курутпа.
Көкөлөп бийик учсаң да,
Келериңди унутпа.

Наркотик саткан адамдар,
Адамзаттын душманы.
Бул тескери кадамдар,
Байлык үчүн бүт баары.

Эри жок жашоо – эпсиз кеп жасоо.

Наркомандар – баш кесер,
Адам жешер, таш жешер.

Түрмөгө түшпө адамзат,
Түбү азап, кадам жат.

Түрмөдө дүйнө башкача,
Тирүүлөй көмөт касташа.

Түрмөдөн Кудай сактасын,
Түшкө да кирбей актасын.

Эрки күчтүү оору менен күрөшөт,
Үмүт үзбөй, ажал менен тирешет.

Ооруп калган жаман ойлойт,
Оорубаган адам болбойт.

Ооруп жүргөн коркунучтан жат болсун,
Оорубаган, ооруп калса сак болсун.

Эл сыйлаган аялдар эрсиз калбайт,
Жер сыйбаган аялдар кепин жалмайт.

Назик болсоң аялзат,
Теңиң чыгат даяр бат.

Көпөлөк болгон жаш кыздар,
Көп жойлогон алсыздар.

Ээси болбой жер жетим,
Аялы жок эр жетим.

Эркеги жок үй жетим,
Түндөп жүрөт түү бетим.

Жакындарды кайраштырган бузуку,
Көз көрүнөө көралбастык мунуку.

Бузуку болду бузулду,
Бул жаманды туз урду.

Акча берип өлтүрүүгө буюрган,
Ансыз ага өзү өлөрдөй туюлган.

Канчаларга байлык суудай куюлган,
Акырында жүрөк токтоп тыйылган.

Бир берилген бул дүйнө,
Жарыктыкты көрүүгө.
Жашаш үчүн күнүгө,
Ырыскысын терүүгө.

Оорубасаң тирүүлүк кандай бакыт,
Не деген бир жыргалды жүрсөң татып.

Пара берип адилетти окуган,
Эмне күтөт калыс деген сотунан.

Актооч түшүп арага,
Соттор көнду парага,
Акты айыптайт карага.

Туура эмес соттун чечими,
Анык кылмыш, тетири.

Күйгүзүп турса аз жерден,
Өчүрүш керек отту да,
Соттош керек сотту да.

Пара берип араң келсе кызматка,
Пара топтойт ал прокурор бул тапта.

МАИде иштеп автону бүт тосом – дейт,
Анткени ал: «Жогору жакка созом» – дейт.

Окуу бизнес, кызмат бизнес бул заман,
Бечараны басып жешсе бул жаман.

Ич дүйнөсү тазалар –
Иштиктүүнүн башы алар.

Тагдырдын сыноосу үрөй учурган
каттуу, бошошуп, бош,
келсең псих ооруда жатуу.

Кайгысы көп тагдыр өтө тайгалак,
Сабыр менен акыл гана жайгарат.

Балалык кезде, бардыгы өз жайында,
Оюнга тойбой, ошонун болот камында.

Ооруп калса дарылаткан жашында,
Тишти сакта, жулдурганга шашылба.

Жашоонун көркү иш болот,
Адамдын көркү тиш болот.

Аба ырайы мүнөт сайын өзгөрөт.
Көңүл дагы жарк этет да, бөксөрөт.

Эч бир чек жок адамдын акылында,
Түгөнбөйт, чыгалбайсың акырына.

Самайт адам, күндүн ачык өткөнүн,
Самайт адам, бүркөө, нөшөр төккөнүн.

Сагынасың аппак кардын болушун,
Сагынасың, кышта жайдын толушун.

Байлык барда айланчыктайт досторуң,
Колдо жокто кайра доолайт кошконун.

Эр жигит зоболосун ондосо,
Асты зөөкүр атка конбосо.

Кошоматчы өз башчысын паралайт,
Көрө албастан атаандашын каралайт.

Өзүмчүл – өз замандашын сатат,
Ошону менен рахатка батат.

Адам ар күнү таңдын атышын күтөт,
Ошону менен билинбей өмүр бүтөт.

Мыкаачылар балдарды уурдап сатат,
Жаш денени запас бөлүк кылып жатат.

Адам сатып канча фирма байышат,
Аларды угуп эт жүрөгүң кайышат.

Адам саткан фирмалар,
адам жегич курт алар.

Чет өлкөгө кыргыз кыздар алданды,
Тебеленди, кайсы башчы ардадды.

Ооруларга жаңы бөлүк коюшса,
Бөлүк үчүн жаш балдарды союшса,
Медицина канкор болуп кетеби?
Болбойбу мыкаачыны жоюшка?..

Баш жагынан суу акпаса суу солуйт,
Маңызы жок көп сөз уксаң баш ооруйт.

Чебер сөзгө ички дүйнө ачылар,
Уга берсең көңүл чери жазылар.

Майпар адам жумуш кылса жарадар,
Чебер адам ишин кооз жаратар.

Жаман чөйрө ич дүйнөңдү тарытар,
Жаман турмуш эрте жашта карытар.

Кырс адамдар кыйкым табат,
Ичи тарып, итче кабат.

Жакшыга жакшы жалпаңда.
Акылың менен барпаңда.

Көп ишти чечкен эс болор,
Кебелбей жүрсөң кеч болор.

Сандырак сөздү канча айтсаң,
Акылмандар каалабас.
Баш коюп угар болбосо,
Акыл сөздү баалабас.

Маанисиз сөздөр каркылдар,
Маанилүү сөздөр жаркылдар.

Жаштардан акыл чыгар,
Жалтанбас баатыр чыгар.

Ушак сөздөр эп болбойт,
Уятсызда бет болбойт.

Бата – ишеним жүк,
Бактыңды эң ыйык күт.

Өз элиң үмүт кылар балдарынан,
Өссө экен дейт бардыгы жардамынан.

Максаттардын алдын тосот каршылык,
Жеңүү керек баарын артка калтырып.

Кырс адамдар элдешпес,
Бирин бири «кел» дешпес.

Жеңил мүнөз эсирер,
Жетик, аны кечирер.

Кырс адамдар кыйын сезер бир өзүн,
Кыйшык дебес, алар иттик мүнөзүн.

Аялзатын кордогон,
этеги эки болбогон.

Аялдардын артынан көп жүгүргөн,
Акырында тарпы кетип бүлүнгөн.

Мээримсиз катуу таш болбо,
Мертинип калып пас болбо.

Көпүрө салса эр жигит,
Көрктөнөөр иши телчигип.

Сактаган суугa чөккөндү,
Сыймык алды, көрктөндү.

Тагдырың үчүн күрөшкүн,
Татына, таттуу күн өтсүн.

Тирүү туруп койдурганча өз атың,
Андан көрө жакшылык кыл бир татым.

Тирүүсүндө кам көрүп,
Түбөлүк калууну ойлошту.
Өз атын ар жерге койдуруп,
Тагдыр менен ойношту.

Өз атын койдуруу – тирүүсүндө кайсарлык,
Эмгеги жок жасап койгон айтарлык.

Жашы өткөндө өз өлүмүн ойлогон,
Жакшылыкты мурун жасап койбогон.

Билгизбей колтугуңа сойлоп кирет,
Бети жок, үй ичиңе жойлоп кирет,
Көзүң жокто үйүңө ойноп кирет.

Кыз-келинди алдаганга кызыктар,
Буга барган-барып турган бузуктар.

Акча үчүн аялдарга сатылгандар,
Эркектин ар-намысын сапыргандар.

Жоокерлерди сатып кулча эзгендер, –
Жоругуң кур, уят-сыйдан безгендер.

Жоокер сен да кыргыз туруп тукумуң,
жакшы билгин жоокерчилик укугуң.

Татаал иш чечсең ой жакшы,
Тилекке жетсең той жакшы.

Уятсыз жакты тый,
Урматташуу – сый.

Жагымсыз сасык жыт жаман,
Жыт чыгарган бут жаман.

Учпасын үйдө эч бир кут,
Ынтымакты бекем тут.

Ырылдашуу болбостур,
Ыркы кеткен оңбостур.

Таңда турсаң иш бүтөр,
Таалай, бакыт бүт күтөр.

Түшкө чейин уктасаң адат кылып,
Өмүр болсо бош бойдон барат сызып.

Тазалыкты туткан жакшы,
Убакыттан уткан жакшы.

Жазганыңды автор сен көп мактаба,
Кемчилдигин түз айтса кек сактаба.

Чыгармаңды чын айтып эл мактасын,
Дүйнөгө дүрт таралсын тим жатпасын.

Мактоону көбү жактырар,
Магдырап ачык каткырар.

Жылуу сөз көңүл эргитер,
Жагымдуу желдей сергитер.

Балдарынын майып туулуп калышы,
Ата-ененин өз күнөөсү анысы.
Аракечтик, баңгиликтин баарысы,
Ага каршы табияттын каргышы.

Табияттын тең салмактуу мыйзамын,
Бузушкандар адам өзү бүт баарын.

Көп ооруну адам өзү жасады,
Алып жатат табияттан жазаны.

Жаратылыш өз мыйзамын керектээр,
СПИД дагы так ошого себепкер.

Балдарынын үйдөн качып кетиши,
Ата-ененин зомбулукка жетиши.

Ата-енени кары үйүнө таштагашы,
Балдарынын айбан, кылмыш башташы.

Качан кыргыз таштачу эле енени,
Кыргызга эми таш боор оору келеби?

Үйдөн качкан бала ооруга чалдыгар,
Кайран жаштык шум ажалга алдырар.

Жаратылыш кырсыктары бир десе,
Адам өзү кырганы көп миң эсе.

Адамзаттын баскынчылык кырганы,
Байлык үчүн, бийлик үчүн бүт баары.

Акчага алсыз тойгондо,
Теңсинбей сага койгондо,
Алы ошол анын ойлонбо.

Элирсе көңүл ээликпе,
Эптүү сынга терикпе.

Эр жигиттин жакшысы
Зор максат кылган иштерин бүтүү,
Кыз баланын бактысы –
Эң ысык, таттуу үй-бүлө күтүү.

Эрге тийбей чоң карера күткөнүң,
Сен өзүңдү бактысызга түрткөнүң.

Жаратылыш жасады жуптан кылып,
Жаңгыздан жашаганга суктандырып.

Үй-бүлөнүн ажыроосу – зор кайгы,
Бир берилген өмүрдүн, бир чоң айыбы.

Эл эстешип көңүлү ийсин,
Аларга сенин керегиң тийсин.

Тилек менен эмгек кылсаң жетерсиң,
Таза болсоң дениң, андан өтөрсүң.

Жошоо берген күндүн тийген жарыгы,
Бакыт берген, баккан эне анығы.

Кимди ээрчитип баратат,
Дин дагы чоң саясат.

Дин менен түк ойношпо,
Динге бөлүп жоолошпо.

Ашык мактап, акчага алдап саткандар,
Жалган айтып чоң күнөөгө баткандар.

Мезгилдерге замандарга ылайык,
Адамзаты өзгөрүлөт бул анык.

Биз жаш кезде башкача элек дегендер,
Бул заманды сезбей камды жегендер.

Сен үйрөтүп өзүң таппай башка арга,
Күнөө коюп доомат кылба жаштарга.

Жаштар менен карылардын арасы,
Айырма чоң, ага мезгил арачы.

Кабарың жок, эне үчүн бул кайгы,
Санаасы сан, саргайып ал уктайбы?

Атаны кой, аны кайдан ойлоптур,
Үндөшмөдөн бир сүйлөшүп койбоптур.

Кургак куурай каксаң казык болалбайт,
Карандай суу, узак азык боло албайт,
Ажаан аял кайра назик  боло албайт.

Жаштык өтсө жашоо кызык болалбайт,
Көңүл калса абдан ысык болалбайт.

Көп эрге тийсе, ага ишеним азаят,
Ал өзүн билсе, кадыр-баркы пасаят.

Салкын мамиле – бул кайрылбай кетүү,
Ысык мамиле, – бул сыйга жетүү.

Акыл жактан аксагандар көзү ачык,
Ар нерсени туштай берет сөз айтып.

Чөнтөктөгү үндөшмөлөр ал чындык,
Жер шарында сүйлөшө бер жок кынтык.
Аалам менен сүйлөшкөндөр ал жалган,
Ага ишенген – ишенчээктер таң калбаң.

Көзү ачыкка ишенип иш кылгандар,
Көп азапты өзүнө туш кылгандар.

Иш баштоого ойлонгон акыл керек,
Иш жүзүнө ашканда асыл берет.

Үй-бүлөлүк сырды ачып айтканың, –
Өзүң сатып ооматыңан кайтканың.

Көрүнгөнгө ачык болсо эшигин,
Көңүлдөштөр таштап кетер «кешигин».

Уйкаштын баары ыр эмес,
Көп сөздүн баары чын эмес.

Алдоодон көңүл кир болор,
Акыры барып чыр болор.

Чындыктан коркуп качканың,
Таза эмес сенин арт жагың.

Жаманды жакшы билбей туруп мактаба,
Жамандык жагын, жаштыкка салып актаба.

Абийирди сакта жашында,
Жаштыкка салып ашынба.
Эртеңки күндү эстей жүр,
Акылың болсо башында.

Кыргыз тилге өзү каршы кыргыздар,
Иш кагазга киргизбеген алсыздар.

Көп кыргыздар кыргыз тилин сыйлабайт,
Үйрөнүүгө бардык күчүн жыйнабайт.

Жаман сөздөр жүрөккө,
Найза болуп сайылат.
Ал айыкпайт уу болуп,
Башка жара айыгат.

Уу сөз менен сайышпа
Сен өзүңдү жаралап,
Улам андан алыста
Нервиң таза кала алат.

Эси жоктор талтаңдайт.
Башы иштебей калтаңдайт.

Көрсө да көзгө илбеген,
Сокурлар чыгат пендеден.

Жакшыны көрбөй сураган,
Жаманды издеп чубаган.

Баюуга, өнүгүүгө айтам кеңеш,
Бул турмуш «алтын балык» жомок эмес.

Ойлогун, айлап-жылдап түптөлүүшүн,
Байлыкты күтпөгүн, көз ирмемде бүт келишин.

Депутаттар: «Кыргызстанда өсүү жок» – деп айтышат.
Байлыкты бүт долларлап да четке ташып жатышат.

Кол тийбестик – коррупция жутунган,
Байлык топтоо – арам иштер кутурган.

Эң биринчи мыйзамды
Чиновниктер тебелейт.
Колго түшүп кармалса да,
Кол тийбестер кенебейт.

Адам жалдап митинг кылат көпкөнүндө,
Байлык бүт чиновниктин чөнтөгүндө.

Аксакал нускалуу салтты кармаса,
Ашыкча, ысырап чыгымга барбаса.

Алыңа карап элиргин,
Артыңа карап керилгин.

Куру намыс кургатат,
Кут качууну ырбатат.

Ар-намыс абдан керек,
Алды, артыңды кара демек.

Сенде болсо ар-намыс,
Сезим менен ат салыш.

Электрдин акчасын төлөбөгөн,
Ал кески, өз абийирин тебелеген.

Куш да алаар илбээсин,
мүнүшкөр жакшы таптаса.
Түшүм бербес жер дагы,
азык берип бакпаса.

Кыйын болсоң таамай жүр,
Кыргызды бөлбөй баалай жүр.

Ашынган акмак «бакалар»,
атасын да жакалар.
Тумшугу тийип тоңк этип,
Туюкка барып такалаар.

Акты кара дегендер –
алкымдан аша жегендер.

Кыргыз болбой киргиз болуп калгандар,–
маңкурт болуп өз улутун тангандар!

Кен байлыкты чет элдерге бергени,
Сол чөнтөккө сойлоп доллар келгени.

Кырсыктар көп, эмне болот бул эми?
Бузуктарды жазалайбы Сунами.

Ач болсо көбү бөйпөндөйт,
Тойгондон кийин тойтоңдойт.

Алтын башка иштейм десе кабылаар,
өзү издеп иштесе акча табылаар.
Алыс жүрсө ата-эне, тууган сагынаар,
өз Мекенин көралбай көздөр зарыгаар.

Өз элден качкан оңбостур,
турмушу түгөл болбостур.

Өз элге батпай качкандар,
Кылмышка башы баткандар.

Кыргызды паска баскандар,
Өз улутун саткандар.

Теңсинбей элден кеткендер,
Ар-намысын тепкендер.

Эл намысын коргогон,
эрдигин Кудай колдогон.

Кетпесин наалат тегиңе,
келтирип иште темине.

Азыраак сүйлөп сөзүңдү,
Иш менен көрсөт өзүңдү.

Балдырак сөздөр кимде жок,
байлыкты кууду дүйнө бок.

Сезип жүр кеткен катаңы,
сыйлап жүр сыйлуу атаңы.

Иштер бүтпөй, убакыттар тар болуп,
көз ирмемде болду кемпир-чал болуп.

Байлыктын кулу болгондор,
Бакыттан куру болгондор.

Акчанын кулу болгондор,
Абийирден куру болгондор.

Коргобосо журт башы,
Кор болгон элдин көз жашы.

Пара алган сотто намыс болбойт,
ал эч качан калыс болбойт.

Мыйзамды тепсеп депутат бузат,
ал кол тийбес, кантип кусат?

Алсызмын дейт ал анча,
асынганы тапанча.

Байлыкты баалап бакыт дешер,
балким, алар башын жешээр.

Ак эмес байлык чуу болор,
агып кеткен суу болор.

Эрине ажаан асылган аял,
эпсиз тажаал ашынган аял.

Балдарын атасына каршы койгон,
адашкан акылына жарчы болгон.

Таза аба жерди сакта,
жер алдында кенди сакта.

Ата Мекен жериң – байлык,
туулуп өскөн элиң – байлык.

Кыргыз жоокер ата-энеңдин тилегисиң,
Мекениңди сактап турган тирегисиң.

Жоокер болсо душмандын жеми болбойт,
кыраан уулу, кыргыздын жерин коргойт.

Эл, – деп турсун жүрөктүн ар кагышы,
болгун жоокер элиңдин ар-намысы.

Жоокер болуу, – ал карыз,
сенде болсо ар, намыс.

Айтканыңы түшүнбөй,
ажаан көңүл калтырат.
Жардамың тийбей балаңа,
оору эстен тандырат.

Олуя болуп ойкуштап,
жанын жейт кээлер оолуга.
Табып же доктор болбосоң,
жардамың тийбес ооруга.

Бул дүйнөдө жашап өтүп изи жок,
көп адамдын артта калар иши жок.

Бул өмүрдө канча жашоо бүдөмүк,
бирок көбү жашап калар түбөлүк.

Максат кылып сен ниэтти түзөгүн,
иштей бергин, эч бир үмүт үзбөгүн.

Жашап жүрөт ал өзүнчө «бармын» – деп,
айтылууда барга кошпой арбын кеп.

Убакытты мезгил сенден тез тоноор,
кийин ага арман кылсаң кеч болор.

Эмгеги жок, бир күндүк, жүз жыл жашап,
бош өткөндөр өмүрү баштан ашат.

Ар адамдын салмагы бар,
ардакталып калмагы бар.

Бул дүйнөгө келесиң,
жашап калар элесиң.

Коррупция – бетсиздик,
кол тийбестик теңсиздик.

Мыйзам алган кол тийбес,
мугамырлар баш ийбес.

Юристтикке пара берип окушту,
Сот болгондо сунуп турар кочушту.

Кол тийбестик тең укуктун жоктугу,
кол тийбестер арты булганыч, боктугу.

Президент да башын ийсе мыйзамга,
мыйзам бирдей бардыгына бүт анда.

Чиновниктин өзүмчүлү байышаар,
чиркин алар, клан болуп калышаар.

Коррупция өз доорун бир сүрүшөөр,
Бир доор келип ошол күнгө күлүшөөр.

Тартип болсо, ошол жерде ийгилик,
Так ошону, жүрсөк экен биз билип.

Диктат, бек, – деп тагып жүрдүк айыпты,
Түркмөн башы элин кантип байытты.

Кадыры пас улутту,
дүйнө эли унутту.

Бай өлкө болсо оболу,
бүт дүйнө баалайт жогору.

Башчыда болсо ар-намыс,
башкарат элин ал калыс.

Бийлик үчүн тирешүүнү токтотсо,
байлык өсмөк, бардык күчтү топтошсо.

«Кол тийбес» – деп мыйзамдарды оңдошту,
депутаттар өз байлыгын коргошту.

Көтөрүлсө аброю түпкү улуттун,
Көкөлөмөк ар-намысы улуу журттун.

Ар-намысты көтөрүү өлкө үчүн,
дагы арттыруу Мекенди сүйүү күчүн.

Бай болсоң, Кыргызстан! – деп суктанышаар,
дүйнө эли ардактап бүт таанышаар.

Электрди уурдашаар өтө байлар,
эсин жеген өзүмчүл жеке жандар.

Сууну уурдап ичкендер,
сук, куураган ишкерлер.

Уурулук жолго түшкөнүң,
өзүңө түрмө түзгөнүң.

Уурулук эң пас өнөкөт,
Уулуңа айып төлөтөт.

Алдын ойлон, айып, кылмыш жасаарың,
Көп тартасың, ал кылмыштын азабын.

Жырткыч сезим аз жыргалга бөлөйсүң,
Ал жыргалды миң эселеп төлөйсүң.

Тобокел иш тор жаяр,
Тогуз айып шор даяр.

Обу жоктун оозу качан бой берди?
Оолукма ал, оюн айтат ой келди.

Президенттин кызмат орду бир гана,
ага умтулган ары жоктор миң даана.

Кыялданып, бийик көктө сызыпсың,
Алып учкан бийлик мынча кызыксың.

Алдым-жуттум талоон кезде бар белең?
Акаевдин «алтын доордо» кайда эл?

Айлананды бир кара, тазаланаар,
алып жатат бүт пара жазаланаар.

Акылын угуп атаңдын,
ар убак андан бата алгын.

Жакшылык жолу кенен жол,
алысты ойлоп терең бол.

Эне жыты эстен кетпес,
өмүр куту ага жетпес.

Эрин эзген жесир болор,
элин эзген, кесир болор.

Балит сөз айткан чогоолдугу,
пасайткан өзүн бок оздугу.

Сылык адам сый үстүндө,
орой адам оор күндө.

Көп мыйзамдар кыргызга туура келбес,
көбүртсө да жабыртса пайда бербес.

Чала мыйзам шайлоого тоскоол болоор,
так жазылса ийкемдүү, москоол болор.

Оройлук оңдурбас,
Ойлоруң болтурбас.

Карыз алсаң убагында кутулгун,
Кечиктирсең мамиледен утулдуң.

Шылтоону издебе,
Шылуунду өз дебе.

Көп таарыныч сөздөн чыгат,
көп кылмыштар өздөн чыгат.

Каңырышты жеткирүүнү жел билет,
Сен жөнүндө маалыматты эл билет.

Сени эстеп тааныштарың издесе,
Сени издебес жакшы жагың билбесе.

Карыганда кайран жаштык кош болду,
көргүң келер көңүл жакын досторду.

Атанын барктуулугу –
жашоонун таттуулугу.

Атанын жүргөн-турганы,
балага үлгү бүт баары.

Мыйзамды бурар оң-солго,
түшпөсүн ишиң сотторго.

Абышканын алкаштыкка жеткени,
аксакалдык нарк-нускаы тепкени.

Энелердин шимириши аракты,
эс-акылдан ажыроону жаратты.

Алты саат тамакты аймаганы,
ашказан, ден-соолугун жалмаганы.

Турмушка жеңилдиги ургаачынын –
куру калуу, үй-бүлөдөн уксаң чынын.

Кыргыздын алтындары алыс кетти,
«Кыйындар» кымтып алды сыйрып бетти.

Кыргыздын байлыктары бүт таланды,
Миллион доллар уурдап ким камалды?

Соттор бүтүн пара алат,
Мыйзам чекте каралат.

Сотторго миллион акы төлөсө да,
Ал тойбос, акчага аны бөлөсө да.

Өз билгендей мыйзамды жасай берет,
Сотторго да эң катуу жаза керек.

Баш оорутуп, куру күйбө,
Байлык топтоо, бул дүйнө.

Акмак дайым алып тынар,
ашкан байлык жинди кылар.

Жаратылыш ага берген мазакты,
байлык кууган – өтө тартаар азапты.

Эч ким сенден эч бир зыян тартпасын,
жакшылык кыл, элиң сени мактасын.

Көркөмдүктү туя билсең ырахат,
музыканы уга билсең жыргатат.

Жакшы менен баарлашуу кандай бакыт,
жадырап, жакындыктын даамын татып.

Өтө көп чындыкты бек кармагандар,
өмүрүн жакшылыкка арнагандар.

Бар болор жашап жакшылар,
Кар болор ага каршылар.

Ачыгын билгиң келсе, ал кандай киши?
Анығын айтып турат жасаган иши.

Байлык бакыт болбос,
акыл – байлык соолбос.

Эси жоктор эсирээр,
бир балээге кезигээр.

Обу жоктор оолугушса бөлүнөөр,
от тутанса ойрон болоор өмүрлөр.

Көралбастын көзү эч бир көралбайт,
ичи тарып, күйүп-бышып өлалбайт.

Кыргыз тилин билбей туруп,
Кыргызга күйгөн кыргыз –
кыргыз элин сүйбөйт аның,
ой-тилеги бүт кылмыш.

Фронт ачса өз элине кыргызга,
бийлик кумар, ойлонбогон ой кыска.

Митинг үчүн акчага жалдангандар,
Жан багыштын арзан жолун кармангандар.
Жашоосу жан кечтилик, жалмагандар,
беш күнгө, беш тыйынга алдангандар.

Өзүң жасап өчөштүрсөң жакынды,
Жийиркенишээр атоодон да атынды.

Учкул кылган канат болор,
Улутка сыймык талант болор.

Илимпоз болсо болоору,
Адамдык андан жогору.

Илимиң жашоого пайда бербесе,
Илдекер аның өндүрүшкө кирбесе.

Илим керек турмушка,
Изденүү жетер укмушка.

Ааламдын эч бир чеги жок,
Тең салмактуу, кеми жок.

Мыйзамын бузсаң ааламдын,
Мыкаачы бетпак жаралдың.

Жаратылыш бардыгын бүт жасады,
Түбөлүктүү эч нерсе жок жашады.

Жүүнү боштор жүдөп араң жашаары,
Белдүү адам белен бийик жашаары.

Акча сайсаң кумар болоор,
Чырпык сайсаң чынар болоор.

Кычыктар кычып козгошоор,
Жарасын чукуп жоолошоор.

Жакшы өтсө, бул дүйнөдөн асти эли унутпас,
Жаман өтсө, бул дүйнөдөн артындагы урук пас.

Жандууларга жашоо берген жарыктык,
Карыганда караңгы түн – карыптык.

Жолугууга жолтоо болгон алыстык,
Көп иштерди туура чечкен калыстык.

Өмүр өтсө, өлүм кара түн болоор,
алдыдагы ой-максаттар кум болор.

Ынтымактык – жашоо жыргалы,
Ырыс келип толоор бүт баары.

Оорулуу – өтө семирген,
обу жок – эпсиз керилген.

Семирген – өтө оорулуу,
Бузулуп кейпи, корунуу.

Суу жетпесе жер такыр,
кекирейүү – кем акыл.

Аягы суюк сөз болоор,
турмушу тозуп тоз болоор.

Көңүлдүү – көпкө кызыгуу,
Кыйналуу – кыйын кысылуу.

Киндикти ачып килтеңдеш,
Киминди кантип илсем деш.

Сойку болуш заматта,
энелик бакыт калат да.

Кыз бактысы – үй-бүлө,
Ушуну эске түйгүлө.

Байланган ит тажаал болор,
эрсиз аял ажаан болор.

Назиктик болсо аялда,
ошону баркта, аярла.

Бок ооз аял – аял эмес,
ит болуудан таяр эмес.

Жаман нерсе жакындаса сүркөлөт,
балит сөздөн бардык адам жийиркенет.

Чырпык сайсаң шуулдаган терек болор,
Чынарларың үй куруууга керек болор.

Мөмө эгип бак,
сатып пайда тап,
сага байлык ак.

Булганычтан жийиркенээрсиң, кусарсың,
кызганычтан күйүт уусун жутаарсың.

Жалган жалаа, жапса күйүп-бышаарсың,
жан кечтини, сабыр кылсаң утаарсың.

Өрткө түртөөр кызуулук,
өмүргө сылык сөз улук.

Тактыктарга эмблема, – тараза,
таттуу жашоо, сен өзүңө жараша.

Эпсиз сөздөр тапталаар,
эң алсыздар мактанаар.

Эң башкысы кептин,
Барктабасаң – бактыңды тептиң.

Талаа кыргыз, ала кыргыз, чала кыргыз,
жээрип кетпей эне тилге кара кыргыз.

Кыргыз тилин жээригениң –
жебе менен өз энеңди мээлегениң.

Кыргыз деп согуп жүрөгү,
жан үрөп эрлер камыгаар.
Жангыз баштын камын жеп,
ичтен да душман табылаар.

Өзүмчүлдөн аңдап байка, алдын күтүн.
садага чабаар өз элин, керт башы үчүн.

Кыргызда сыймыктанып «Манас» делет,
Акбалталар, Манастар бүгүн керек.

Эркин кыргыз будуң-чаң, кайран Мекен,
Бүгүн «Манас» кыргызга келээр бекен.

Ар-намыс да, абийир дагы пул болду,
эртеңки эне, кыргыз кыздар кул болду.

Унуттуңар кыргыз улут атыңды,
жаш сулуулар чет элдерге сатылды.

Чет элден бакыт издеген сулуу –
Жеңил ой менен байлыкка тунуу,
Өз өмүрүн өлүмгө сунуу.

Таланттарды жаратылыш жаратаар,
Дүйнө элин таңдандырып каратаар.

Эсиргендер ээндикте тарп болор,
кырс адамдар жакындардан жат болор.

Алаканы алдап үзгөн болбостур,
Ата Журтун чанган адам оңбостур.

Окусун деп онтоп акча бердиңиз,
окуп бүтсө, кайда иштээри белгисиз.

Эч жараксыз «Илимпоздор»
көбөйгөнү – жан багуу.
Өз кесибин мыкты билген,
жумушчулар эң баалуу.

Узак кармап окуу жайлар,
уурдабаса өмүрдү.
Кыска убакта көптү үйрөтүп,
өстүрсө экен өнүмдү.

Шамалсыз аба үп болор,
шар жүрбөгөн түнт болор.

Айсыз түнүң караңгы,
акылсыз, арсыз адамбы?

Күн батканы түн болор,
жашоо берген күн болор.

Жаркыган сага таң болор,
жамандык өмүр – кар болор.

Кытмырлык кылып күлгөнүң,
кыйшык өмүр сүргөнүң.

Аалам чексиз, белгисиз,
адамдар өтөр келгисиз.

Жаштык – өмүр башаты,
үмүт, анын канаты.

Жакшылык ниэт түз болор,
жамандык ниэт суз болор.

Жашоодо күйүт, «кыш» келээр,
Каршылык канча туш келер.

Кайгы, күйүт келбесин,
Сактасын Кудай пендесин.

Сүйкүмдүү болуп күлүңдөйт,
Сыртынан адам билинбейт.

Айтканың ачык, белеңде,
Адамдын сыры тереңде.

Көрбөсөң көптүр көрөрүң,
Адамдын миң сан өнөрүң.

Жаштыкта жакын дос болоор,
Картыкта катып кош болоор.

Кайран ал күндөр бош болоор,
Сагынып санааң козголоор.

Мейман дос болсоң бөпөлөөр,
Мартабаң бийик көкөлөөр.

Кунаса болсо титиреп,
Билгендер ага түкүрөт.

Байлыктын эки түрү бар,
Байкап аны билип ал.
Руханий байлык, – зор байлык,
Дүнүйө байлык, – кор байлык.

Көлөкөгө тон бычпа,
Эл менен бүткөн ой нуска.

Баландын ден соолугу –
Бактыңдын эң молдугу.

Тыйындан барып сом болор,
Жамаачы жаңы тон болоор.

Жаш кезиңде тукумга да даярдан,
Жакшы атадан жаман чыгуу аялдан.

Жаман аял маани бербес катасына,
Каршы коёр балдарын атасына.

Аял киши башын ийип, сыйлап турса алганын,
өзүн дагы сыйлаганга, үйрөткөнү балдарын.

Ишти баштап, аягына чыкпаган
Ал туруксуз, ой жагынан кыска адам.

Акылдан тилдин озгону –
Алдыда иштин тозгону.

Маалында тилин тартканы, –
Ынтымактын артканы.

Акылсыз сөзгө теңелгени,
Арсыз болуп жеңилгени.

Адамды жек көргөндөр,
Айбанча жеп көнгөндөр.

Паракордун сот болгону, –
Калыстыктын жок болгону.

Акыл каалоо, алга үндөп бакыт сүртөт,
Жырткыч каалоо, обсуз күүлөп, жарга түртөт.

Өнөрлөргө сугарылуу жаштыкта,
өз өмүрүн мерт кылуулар кастыкта.

Адам боздоп ыйлабасын,
Чоң максаттар кыйрабасын.

Жашыруун сезимди жарыя жасоо,
Жаман жорук жана акылдан аксоо.

Адам, жамандыкты өзүнө өзү жасап алат,
Акырында өлүмгө өзү жазаланат.

Жашоонун өзү жаркыраган жаннат,
Бейажал өлүм кыйраткыч кыямат.

Сулууларга сугун арта баштагандар,
Сүйдүм деп чоң арманда какшагандар.

Муңканып көзүн дайым жаштагандар,
Сулууларга чуркоону кесип кылып,
Сызга коюп, көп сулууну таштагандар.

Бир туугандын атынан бийлегендер,
Жакшылыкты, жамандыкты билбегендер.

Бир туугандын байлыгына эсиргендер,
Жакынынын кадырын кетиргендер.

Бийликти бүт чындыкка жолдогону –
Бир тууганды чын дилден колдогону.

Бир туугандын бийлигинен пайдаланган,
Дүнүйө артында бир шордуу майдаланган.

Атасынын бийлигине талтаңдаган,
Адам сымал бир айбан барк албаган.

Ата бийлигин пайдаланган бала –
Ал бечаранын акылы чала.

Акылың арбын болсо, жетик болсо,
Атадан ашып түшкүн багың консо.

Бакыт деп башы жоктор далбас урар,
өз элин, гөр дүнүйөгө алмаштырар.

Көрбөгөндүн өзү тойсо, көзү тойбос,
Көргөндөрдүн байлык менен иши болбос.

Элиңди алыста жүрсөң билээрсиң,
Жериңди көрсөм деп самап жүрөөрсүң.

Көрбөй калсаң узакка сагынаарсың,
Көксөп, дегдеп, санааркап жабыгаарсың.

Өлүм деген бир мүнөттө жетелейт,
Көңүл деген бир секундда көкөлөйт.

Жалган жерден күнөөлөсөң бирөөнү,
Жүз эселеп тартаарсың сен күнөөнү.

Жакшылык өзү жаркытып тураар,
Жамандык кылсаң көзүңдөн чыгаар.

Чын сүйлөсөң жакшы атка коноорсуң,
Жалган айтсаң жаманатты болоорсуң.

Билбей туруп, билгенге окшоп оолукпа,
Билимдүү бол, акылыңды толукта.

Айды алсам деп куру санаага чөкпөгүн,
Атаандашып абийириңди төкпөгүн.

Ары жоктор жерге батпай көккө учаар,
Кыялдана көлөкөгө тон бычаар.

Эки тоону жалгаштыруу болбостур,
Эки доону доолаттырган оңбостур.

Орду толбос жоготуулар көп болоор,
Мезгил өтүп, орду толуп төп болор.

Эскилердин эскилери бузуктур,
Жаратылыш жаңылары кызыктыр.

Жашоодогу жалпы нерсе эскирээр,
Жашоо бүтүп өмүргө да кеч кирээр.

Жаш балдарга мезгил өтүп эскирер,
Асты оңолбос, башы бузук кескилер.

Табияттык так мыйзамдан айрылуу,
Жексен болуу, жер көтөргүс кайгыруу.

Сук бийликке жетсе эгер,
бок байлыкка кептелээр.

Бийлик бийик мыйзамдагы сызыкта,
ага жетсең сен байлыкка кызыкпа.

Бийлик менен тапкан байлык карап тур,
ал байлыгың душман болуп калаттыр.

Бийлик барда бирөөлөрдү кордогонуң,
Жөргөмүштөй өз жолуңду тордогонуң.

Бийлик кетип кез келээр,
өз башыңда тепселээр.

Басып алсаң байлыкты күчкө салып,
барктан тайдың жексурсуң мунуң анык.

Сааттар өттү, түш ооп күн да кеч кирди,
Түштөн мурун айтпаган сөз эскирди.

Чиновниктер бийликти зор байлык деп түшүндү,
Өз Мекени – Кыргызстанды өтө паска түшүрдү.

Кыргыз бийлик бүт байлыкты талады,
Ишсиз кылды завод жүгүн жалады.

Кайгы адамды карытар,
Заманасын тарытар.

Назары ачты сыйлаганың,
өз жаныңды кыйнаганың,
кордук көрүп ыйлаганың.

Ниети бузукка аш бербе,
бийик бол, андан пас келбе.

Билимге катуу берилсең,
Убактынча кыйналарсың.
Диплом деп гана керилсең,
өмүр бою чайналарсың.

Мына, муну бир билиң,
Жашоого керек көп билим.

Жашыңдан үйрөн өнөр,
Жашооңо бакыт берер.

Кылмышкерлер күнөөсүн мойнуна албас,
Үйрөнгөн ал кылмышы такыр калбас.

Ак болууга жанталашат кылмышкер,
акталса эгер, кылмыш жагын дагы иштээр.

Алакандай төрт кыргыз,
жашаса экен көп чырсыз.

Иш кагазга толук өтсө кыргыз тил,
башка улуттар сыйлап калат аны бил.

Ургаачынын жеңил мүнөз болушу,
улам азып, көктөй албай соолушу.

Бир мүнөздүү, оор басырык болгондор,
билим алса көп акылга толгондор.

Жеңил мүнөз, көп эрди алмаштырар,
Карыларга никесин жалгаштырар.

Бийлик менен бизнесменди баскандар,
алкым жактан адисинен ашкандар.

Күчкө салып...кутурөгөн көп байлык,
Күнү келип, күйүт болор ал кайтып.

Бул турмашка жаңы келген аппарат,
байка аны, көп зыянга алып барат.

Арсызданып үйлөнүүгө шашылба,
Ажырашып башыңа иш ашырба.

Турмуш деген өз жолунда өтөттүр,
Максаттарга ниети түздөр жететтир.

Терс иштерди соткада айтып сүйүнбө,
Жашыруун сөз жазылат ал түйүндө.

Сонун болор сен жасасаң пайдалуу иш,
Сотка менен жакшылыкка байланыш.

Шайлоодо татыктууга добуш берген,
Мекенчилдик, өссүн ата конуш деген.

Шайлоодо акча алып шайлангандар,
ар-намысын сатуудан да тайбагандар.

Ойлонбос иш тоздурар,
Кызыл жүзүң боз кылар.

Туура аракетте, толтура берекет.

Нелер келбейт бул башка,
Кадамыңды түз ташта.

Сөздү абайлап сүйлө,
Көзүң карайлап жүрбө.

Айлакерлер кылтылдайт,
айыбы жоктой жылтылдайт.

Жашындан абийирди сакта,
жашоодо өмүрдү баркта.

Жарды болсоң барк кылбайт,
жаман, жакшыга айттырбайт.

Үй-бүлөлүк контракт,
Сүйүүсүз көңүл калтырат.

Башкадан төрөлгөн бала,
сезимде калган ала.

Урук тандаган аялдар –
Укмуштуулардан кабардар.

Жыйырма биринчи кылым,
Жанга бербейт тыным.

Жарк этип келген өмүр,
Жанчылган кара көмүр.

Ал өзүнүн айыбынан,
азап чекти кайгыдан.

Карыганда кыймылды дайым жаса,
балдарыңдын сыйын көр, узак жаша.

Ден соолуктун кепили эң тазалык,
Намаз оку тазарып, ак жасанып.

Жаш өтсө да спорттон такыр калба,
Жалкоолонуп талыкшып жатып алба.

Жаш өткөндө кан жүрсүн, кыймыл керек,
Жүрөк иштеп жаштыктай кубат берет.

Кайгыдан Кудай сактасын,
Эч кимдин сугу артпасын.

Сактаганды сактайт Кудай,
Санаа тартпа сөзгө уудай.

Жакшылыктын бири – бул страст,
Жамандыктын бири – бул стрест.

Ашыкча жеп семирбе,
Эмоцияга берилбе.

Бала төрөп ар жерге таштагандар,
Шерменделик жорукту баштагандар.

Жаш кыздарын чет элге жөнөткөндөр,
Кыз кезинде эри жок төрөткөндөр.

Кыздардын тагдырларын талкалаган,
Кыянатчыл бети жок чалкалаган.

Чет элдик эрге тийгендер,
Мусаапыр кейпин кийгендер.

Эр издеп четке кеткендер,
өз бактысын тепкендер.

Жашоодо тилегине жетпей калган,
өмүрдө көкүрөктөн кетпес арман.



К. Сулайманов үй-бүлөсү менен



Аскердик кызмат мезгили



Ш. Эсенгулов,
К. Сулайманов



Жолдошторум кыздары менен. Ортодо мен



Сол жактан:Сулайманов Касым. Ортодо: Абдыганы Эркебаев, Пазылов Абибилла



Касым аба үй-бүлөсү менен



Чындык сөздөн чыр чыгар,
Чылк армандан ыр чыгар.

Турмушка ашаар бири жок,
Жалган жымсал, чыры жок.

Калп айтып жашайт көп адам,
Капканга түшөр бул кадам.

Айлакерликтин чеги бар,
Көпчүлүктүн кеги бар.

Таза суу болор туптунук,
Адамдын пасы куйтулук.

Чалчык суу дайым кир болор,
Чеки айтсаң, көңүл пир болор.

Айбандан күчтүү пил болор,
Сөз күчү, эң курч тил болор.

Өзөктү өрттөөр тил экен,
Өлтүрөөр уунун бири экен.

Контракт түзгөн пул болор,
Пулга иштеген кул болор.

Канчага баалайт караңгы,
Пулга өлтүрөт адамды.

Мухаммед алейки салам, ал киргизди сүннөттү,
Ислам менен какыр чөлдү гүлдөттү.

В.И. Ленин гана жакшыларды колдогон,
бүт байлыкты тең бөлдүрүп ондогон.

Чоң согушта Гитлер оозун кептеген,
Кол башчыдан Сталинге эч ким жетпеген.

Акылмандык жарашкан аты-затына,
Европаны түрктөштүргөн Атилла.

Жараткан өзү колдосун тирүү жанды,
Ден соолукта тосуп ал ар бир таңды.

Оо, пенделер, өйдө-ылдыйга серпилдиң,
өз жашооңо шүгүрчүлүк келтиргин.

Замандаш болчу, сен калыс,
Жашоонун өзү чоң жарыш.

Убакыт улам жылууда,
Кыйындан кыйын чыгууда.

Кыргыз журтун жаштар сактаар,
Эне сүтүн, алар актаар.

Чогултканбы коздуктун түрлөрүн,
Кыргыз жери, жер бермети дүйнөнүн.

Ичинде иттен пас да бар,
Санаалаш, бирок кас да бар.

Тузунду ичип, бир жүрүп сактандар бар,
Көп жагыңа көз артып аткандар бар.

Курсагы үчүн күн көргөн, башчылар бар,
элдин камын ойлогон жакшылар бар.

Эч жакшылык жакпаган эл бузар бар,
Кайырмакка илинип, кан кусар бар.

Ар күнү күтүп жүрүп жыл алмашаар,
Кызмат үчүн кыйласы кыл чайнашаар.

Бул дүйнөдө адамдар ар кыл экен,
Кээде бир күн миң күнгө татыр экен.

Кээ бир жерде чөп чыкпас такыр экен.
Мээнети күч, кээ бир жан жакыр экен.

Жаратылыш байлыгы багып келет,
Кээ бир жанга акчалар агып келет.

Тагдыр деген татаал нерсе турбайбы,
Такта отурган ханды басат муң-кайгы.

Бардарлык арандан болор,
Көп байлык арамдан болор.

Акылдуу деп бүт ишенбе адамга,
Көз тумандап барар түрдүү кадамга.

Көп сырлардын баарын адам бүт билбес,
Ар жамандык келет, эч бир күттүрбөс.

Адам күтпөс иштер болот турбайбы,
Ар бир жанды басат экен муң-кайгы.

Эч шашылбай өз убагы келгенде,
Бетпактарды Кудай кылат шермենде.

Чагымчылар келтиришти кыжырды,
Сезимдерди жалындатып бышырды.

Эки элди кагыштырган бузуктар,
Кыргын салып кан төгүүгө кызыктар.

Кан төккөнчө кенебеген жаш деми,
Коопсуздук кызматкерлер аш кеби.

Мамлекетти криминалдар башкарды,
Атып жатат канчалаган жаштарды.

Кыргызстандын күчү алсыз куралсыз,
Техникасыз кандай өлкө буларсыз.

Курал начар, эрдик менен чечилбейт,
Кемчиликти келечек да кечирбейт.

Тартип болсо ошол жерде жеңиш бар,
Өлкө гүлдөйт, ошондо анан жемиш бар.

Чечкиндүүсүз кылчактама башкарды,
Ош окуясы ошон үчүн башталды.

Кыргызстандын өнүкпөшү – бийликтердин суктугу,
Пара берип окуп, иштейт юристтердин жуттугу.

Кыргызстанда тагдыр чеччү адилеттер пара алат,
Ошон үчүн улам-улам революция жаралат.

Чындык деп келген бийликтер,
байлыкка башы кириптер,
Эл күткөнү жок болуп,
дагы эле эски чириктер.

Жегичтерди иликтээр,
Элимден чыгаар жигиттер.

Бийлик киллер жалдады,
Чыгаанды атып жалмады.

Бийликке: чыкпайт көңүлдөн,
Кресло кымбат өмүрдөн.

Өлтүргүчтү бийлик өзү качырды,
Соодалашкан кылмыштарын жашырды.

Жаранын оозун бекитип жапканың,
Ириндеп чирип, өлүмдү тапканың.

Жаралуу жерди жашырбай ачканың,
Алдын алып, өлүмдөн качканың.

Колу, бутун бууп таштап кыргызды,
Куралчанга жасаттырды кылмышты.

Бийлик силер түштүк элин саттыңар,
Согуштуруп эмне пайда таптыңар.

Ар бир кыргыз өз улутун коргосо экен,
Карайлап, эч куралсыз болбосо экен.

Куралы жок кыргыз окко кабылды,
Интернетте кыргызга көө жабылды.

Көрсөң дагы байкасаң да күнүгө,
Кенебестик жетээр сенин түбүңө.

Билип койгун Кыргызстанга кыргыз гана күйөрүн,
Башка улуттар убактынча керт башы үчүн жүрөрүн.

Кыргызстанга мезгил өзү тезделди,
өз тагдырын өзү чечээр кез келди.

Бийлик үчүн сексен жигит окко учту,
Эл, жер үчүн алты жүзүн жер жутту.

Кээде адамды кайгы басып,
арман ашып, жаш тамат.
Кор болуулар, байлык ашып,
үй-бүлөлүк жаракадан башталат.

Кыргыз дагы байлыкка тоёр,
Ток пейил болуп ордуна коёр.

Бийликке кыргыздын эч кереги жок,
Кырса да кыргыздарды снайпер ок.

Түштүк кыргыз Бакиевчи болушту,
Жазалоого өзбек элин коюшту.

Эрди-катын ичтен ирип,
Сыр сакташып жашоодо.
Бири-бирин секин аңдып,
өч алууну баштоодо.

Кыз балага турмуш күтпөө – так өзүнө кастыгы,
Жеңил баада четке тартаар, ойсоктогон жаштыгы.

Ичи тарлар, адамдыктан безишет,
Алар өтө, өзүн гений сезишет.

Ал өзүнө эч адамды теңебейт,
Колдон келсе баарын четтен тебелейт.
Бул кылмыштар өзүмчүлдүк мүнөзү,
Барып турган иттик болор бул өзү.

Ичиңди кең сактагын,
«котур ташың» катпагын.
Ачык болор көңүлүң,
Узун болор өмүрүң.

Ичи тарлар –бүт баарына нааразы,
Начарлашы – ден соолугу жазасы.

Күлүктөн чыгаар күлүктөр,
Кыргыз эл күтүп үмүткөр.

Калыстыктан тайгандар,
Сатылган сук айбандар.

Жөргөмүш торун жайгандар,
Паракор-юрист кайрандар.

Аферисттин тилинен уюлгуп чаң чыгар,
Акмактын тилинен өз башы жанчылар.

Чындыкты жалтак айталбайт,
Айт десе кыйгап тайсалдайт.

Табигат өзү так тандаар,
Аялдан чыккан сырттан бар.

Аял – баарыдан мурун эне,
Бала үчүн жаралган дене.

Ата сөзүн укпаганың,
Нарк-кусканы тутпаганың.

Жеңил баа деген эмне?
Жел ойдо жүргөн ээлиге.

Ойсуздарды кайсар – дейт,
Чечкинсизди арсар – дейт.

Кайратсызды белсиз – дейт,
Белдүүлөргө теңсиз – дейт.

Көп болор колун созгондор,
Мөрөйгө жетер озгондор.

Катынга кылган зомбулук,
Карыган кезде шордуулук.

Себепсиз үйдөн качкан балдар –
Сезими оор, кесел жандар.

Балдарына зомбулук көрсөткөн ата,
Бардык бактысын тепкен ката.

Достор карыганында иргелип, тандалып аз санда калат.

Адамзаттын келечеги үчүн өмүрүн арнаган улуу инсандардын аты түбөлүк тарыхта калат.

Жеке өз атын түбөлүк калтыруу үчүн жан үрөгөндөр жеңил адамдар.

Ата-энени көзү барда сыйлап кал, көзү өтүп кетсе армандa каласың.

Мен жашоодо эки нерсени өтө жогору баалаймын: биринчиси, убадага бек туруу, экинчиси, чындык сөз.

Убада берердин алдында колуңдан келер-келбесин бир аныктап ойлоп ал.

Жалган айтып пайда көргөндөр, акырындап андан жүз эсе артык зыянга учурайт.

Аял-затын кордосоң, кийин анын коруна каласың.

Сулуу аялдар аз жыргап, көп кор болушат.

Бийлик, искусстводо иштегендердин көпчүлүгү өз карерасы үчүн айла-амал издеп эки жүздүү болушат.

Улам мезгилдер алмашып, инсандын кулк-мүнөздөрү да өзгөрүп турат.

Кандай мезгил, кандай күн болсо да адамдык сапат бек сакталууга тийиш.

Ар бир сүйлөгөн сөзүңдүн системалуулугу, салмактуулугу, оюңдун орундуулугу, сага урмат-сый алып келет.

Бийлик менен ооруган адамдын бийликтен кетүүсү, ага өлүм менен барабар.

Чоң бийликке жеткенде көңүлүң ак шумкар болуп көкөлөйт. Бийликтен түшүү, өмүрүңдүн оор азабы.

Эркек – белдүү, кайраттуу, акылдуу болууга тийиш.

Ар кандай оор кайгыны көтөрө билген сабырдуулук адамдын жогорку сапаты.

Сөз деп узартып чоё бербе, маанилүүсүн айт.

Көсөмдөр көп окуп, көптү үйрөнүү менен келечекти көрө билет.

Бир максатты көздөп ниет кылып, анын артынан сая түшүп, кажыбас кайрат менен эмгек кылгандар гана улуу жеңишке жетишет.

Эң негизгиси: ниетиңди оңдосоң, Кудай сен күткөндөн да көптү берет.

Көпчүлүк пенделер, өз тагдырын оор болуп калышын башка бирөөлөрдөн көрөт.

Акылдуу адам бекерпоз болуп калса кысылып, кыйналып кетет. Акылсыз – улам бекерпоздукту самап турат.

Акылсыз адам бирөөнүн жашоосуна суктанып ичи тарыйт, акылман тескерисинче, ага ыраазы болуп, андан көптү үйрөнгүсү келет.

Үй-бүлөсүн тартипке сала албаган адамдын жашоосу оор болот.

Акылдуу ар кандай насыят сөздү жан дили менен угуп, өзүнө керектүүсүн ылгап алат. Акмак насыятты уккусу келбей кер сүйлөп, каяша айтат.

Туталанып айтылган сөздүн мааниси канчалык жогору болсо да таасири басаңдайт. Орточо маанидеги сөз, өз орду менен сабырдуу айтылса, мааниси жогору сезилет.

Үйрөнүп калган адамга бирөөнүн берген тамагы абдан даамдуу.

Пара жеп үйрөнгөн жакын адамыңа кадыр салгандан көрө, аз да болсо пара бер же мамилени үз.

Билимдүү, акылдуу адам бүт дүйнөнү өз алаканына салгандай көрүп турат.

Салтты билген, наркты билген адамдарга сый-урмат өзү издеп келет.

Акылдуусунуп бой көтөргөн адамды, пайдасын көрүп, жанында жүргөн достору да чын көңүлдөн сыйлабайт.

Соодада байлыкка жетүүнү кааласаң, кардарларды ыраазы кылып, алардын санын көбөйт.

Жакыр адамдарга караганда байлардын кайгысы көп. Жакырлардын салтанаттуу отуруштары көп.

Алдыңа максат коюп, аны реалдуу турмушта аткарбай, өмүр бою ой, кыял менен гана жашаганың – ал алсыздыгың.

Көп учурда тобокелге салып, кажыбас кайраттуулук менен максат кылган иштерди колго алып иштегениң, сага чоң ийгиликтерди алып келет.

Жалкоо адамга иштейин десе да иш жок, аларга ишти сөөмөй менен сайып көрсөтүп, иштөөгө катуу буйрук берүү зарыл.

Ишкер, көсөм, эмгекчил адамдарга иштин миңдеген түрлөрү кезек күтүп турат.

Ден соолугу жакшы, акыл-эси жайында адамга иш, кызматтын табылбай калуусу, жошоодо деги эле мүмкүн эмес.

Сылык адамдын жанында кекирейгендик – акылсыздык.

Бүт жашоосундагы калыптанып калган кыял-жоругун кыска мөөнөттө өзгөртүп жиберген инсандар – туруксуз, ишенимсиз адамдар.

Ак эмгексиз табылган байлыктын даамы болбойт, кандай келсе ошондой чачылат.

Ашынган өзүмчүлдөр жеңил ой менен ар кандай жанкечтиликке барышат. Алардын өмүрү коркунучтуу.

Балдарың жакшы чыкса – ал сенин күндөй жаркыган бактың. Эгер начар чыкса – түгөнбөгөн шоруң.

Адамда айлакерликтин сансыз түрлөрү жатат. Мурда билбеген адамга өтө ишенбе.

Ичи бузуктар, изденүү менен биринчи планга ишенимге кирип алууну көздөйт. Анан өзү билет.

Ар кандай таланттуу ишмердин мамлекет башында узак отуруусу, иштөө потенциялынын түгөнүшүнө алып келет. Кийинкиси жашоо, өмүр сүрүүсү гана болот.

Эстүү балага жакшы атанын жүрүш-турушу, жасаган иштери үлгү, чоң сабак.

Аялыңа, бардык балдарыңа да кадырлуу, барктуу болушуң – бул сен үчүн чоң бакыт.

Аялзатына баа берүүдө анын негизги төрт белгиси бар:
1. Акылдуу сезимталдуулугу.
2. Бой, келбетинин келишимдүүлүгү, жылдыздуулугу.
3. Ишмер, эмгекчилдиги, чеберчилиги.
4. Жароокерлиги, назиктиги.
Бул шайкештик сейрек учурайт.

Эл-журтка тирек болуучу эр азаматты эне төрөйт, өстүрөт.

Ата-баланын тиреги, артындагы ишенген тоосу.

Бала – алтымыштан ашып, пенсияга чыкса да ата, эне үчүн дагы эле акылына кире элек «бала».

Адам канча узак жашап карыса да, акылына толук кирип бүтпөйт, байма-бай жаңылып, кемчилик кетирип турат.

Өзүңө канча ишенсең да кээде табияттын тартибине баш ийип, тан бербеске болбойт.

Кээ бир адамдарда өзгөчө бир жагымдуулук, сүйкүмдүүлүк болот. Анда сенин табитиңе шайкеш сыр жатат.

Дайым убактысы тар, шашма, шуулдап жүргөн адамдар табияттын каршылыгына көп учурайт.

Жумуштагы сарамжалдуулук, жүрүш-туруштагы тактык – адамдык жогорку сапат.

Кээ бир адамдар эптеп эле көзү тирүү болуп жашап жүргөндүгүнө абдан ыраазы. Алардын бели бош, ага ар-намыс жана кайраттуулук жетишпейт.

Эч нерседен капарсыз ою жок, акырын кыймылдаган эмгекчил адамдар узак жашайт.

Тазалык туалеттен башталат.

Ой-санаа өнөкөткө айланат. Колуңдан келсе андан кач.

Кээ бир авторлор он, он беш сүйлөм менен бере турган ойду чоюп, керип, роман, эпопеяга чейин майдалап, узартып жана кеңейтип жазышат.

Окурмандын кымбат убактысын эске албаган сынчы сөрөйлөр, каармандын образдарын узак эзмелеп, комментариялап түшүндүргүсү келет. Ал адабий түшүнүгү жок адамдарды зериктирип жиберет.

Сүйүү бир гана жолу келет деген түшүнүк фанат сыяктуу сезилет. Өз мезгили келгенде аруу сезим кайталанып турат.

Жашоодон татаал эч нерсе жок. Өмүрдө түрдүү кырдаалга учурайсың. Бардыгын көтөрө билгениң, – ал сенин жеңишиң.

Жашоого бир гана жолу келесиң. Ошону эстен чыгарба.

Өлүмдөн корккон сайын өмүрүң кыскарат.

Адам улгайган сайын артына кам көрүп, өлүмгө камдана баштайт.

Балалык жашоо – бардык нерседен кымбат.

Мамиле кылууда, аларынан берери көп экенин билген киши – акылман, мамилеге так киши.

Өз баланды да сүйө бил, асти эрке чоңойтпо, бардыгынан мурун анын келечек тагдырын ойло.

Кылган жакшылыгыңды кайрадан түшүндүрүп айтпа. Аны түшүнгөн, сен айтардан мурун билмек.

Алдыңа койгон максаттарыңдын убактысын так билип өз мезгилинде бүтүр. Мурун баштоо – бөөдө кыйналуу, кечигип баштоо – куру жалак калуу.

Жашоондо сен башка бирөөлөрдөн жакшылык, пайда күтүүнүн ордуна, аларга кантип жакшылык кылуу жөнүндө терең ойлонуп иш кыл. Ошондо жакшылык, пайда сени өзү издеп келет.

Сулуулукту жаратылыш өзү берет. Ага ойкуштанып ашыкча чиренбей, өзүңдү колго алып, эстүүлүк менен жаша. Ошол чыныгы табигый сулуулугуң.

Сулуу аялдар көп азапка дуушар болот.

Байлыкты да, жоктукту да сабырдуулук менен көтөрө бил.

Кыздардын ашыкча боёнуп экиленүүсү, акылдуу жигиттердин сезимин кирдетет.

Кыздардын акылдуусу, анын турмушка карата көз карашы, аны улам сулуулап отурат.

Сулуу аялдардын татымсыз мамилелери көңүлдү кирдетип, суктануусуну, ага болгон жылуулукту муздатып отурат.

Үй-бүлө куруу – бул жашоодо келечек тукумуна биргелешип камкордук көрүү жөнүндөгү биримдик, ыйык келишим.

Дүйнөдө адамдан ашкан жырткыч жок. Жаратылыштын кырсыгынан да ашкан кыргынды адам өзүнө өзү жасайт.

Кыргыз тилин жеригендер, алар кыргыз эмес.

Кыргыз улутун, анын келечегин ойлобогон мамлекет башчы – Кыргызстан үчүн жат киши.

Кыргыз мамлекетинин улуттук идеологиясы, кыргыздык ар-намысы болуш керек, ансыз өнүкпөйт.

Кыргыз улутунун, өз Ата Мекенинин туусун бийик көтөрө албаган мамлекет, – башка мамлекеттердин алдында кул мамлекет.

Кыргыздар өз мамлекетинде жашап туруп, башка улуттардын алдында кул болуп жашоосу – кыргыз улутунун ар-намысынын жоктугу.

Кыргыздын карылары уул-кыздары бар туруп карылар үйүндө жашашы – кыргыз уул-кыздарынын бети жоктугу, шермендeлиги.

Башка улуттардын алдында кыргыз кыздарынын абийирин сактоо, ар бир кыргыз жигиттеринин ар-намыстуу, жигиттик милдети.

Жаратылыш аялдарды мажирөө кылып жараткан. Алар ар кандай тескери болмуштарга тез эле көнүп кетет.

Бул дүйнөдө кысынбай, эч нерседен чочубай, эркин жашагың келсе, эч кимге жамандык ойлобо.

Ата-эне балалуу болордон мурда, келечектеги баланын ден соолугу үчүн камкордук көрүүсү зарыл.

Балдарың дене түзүлүш, акыл-эс жагынан майып төрөлсө, өмүр бою бул дүйнөдө кайгыда өтөсүң.

Өз турмушуңдун бардык тарабына ойлонуп, акыл-эстүүлүк, сабырдуулук менен мамиле кыл.

Сенин эң жакының, күйөрүң ата-энең. Алардын көзү өтсө өзүңө өзүң, үй-бүлөң күйүшү керек.

Өзүңө жаккан эң таттуу тамакты да өз дозаңан ашыкча жеп-ичпе.

Эң мыкты врачтар башка сыркоолорду дарылап айыктырат да, өздөрүн дарылап айыктыра алышпайт.

Жаратылыш бардык жандууларды кыймылга жараткан. Кыймыл-аракетчен адамдын ден соолугу жакшы болот.

Өзүмчүл адам – бардык жырткычтан коркунучтуу.

Өзүңдүн жашооңо өзүң кайдыгерлик кылба.

Байлыкка өтө кызыгып кеткендер, адамдык сапатын жогото баштайт.

Бийликке өтө кызыгып кеткендер, айыкпас ооруга чалдыкканы.

Билимдүү, окумуштуу адамдарды акылман дешке болбойт. Акылмандыкты жаратылыш өзү берет.

Мен эч кимге зыянсыз адамдарды жогору баалайм.

Ар кыл айла-амал менен бийликке жеткендер, элдин тагдырын тебелеп ойнойт.

Эл эсебинен жашап, улам алкымы араандай ачылгандардын. Эсебин келечек өзү жазалайт.

Кайсар адам ток болгондо ар кандай олдоксон оюнду ойлоп табат.

Ар бир алдыга койгон максатыңдын ишке ашышы, сага ырахат тартуулайт.

Жаратылыштын ар кандай кырсыктарына дайыма даяр жаша.

Жашоонун маңызын түшүнгөн адам гана бардык жандыктарды аяп, жан тартып турат.

Сезимталдуулук – табият берген өзгөчө бир акылмандуулук, талант.

Адамзат турмушуна терең сиңип, зор пайдасы тийбеген илимий эмгектер – алар илим эмес.

Жеке байлыктын артынан кууп кеткен мамлекеттик жетекчилер – ошол мамлекеттин эң коркунучтуу душманы.

Эгер мамлекет башчы сук болсо, канчалык чоң жана бай мамлекет болбосун, анын бүт байлыгы да аны эч качан тойгуза албайт. Акырында ал ошол суктугунан өлөт.

Дүйнөдөгү белгилүү, канчалык улуу адам болбосун ал да күндөрдүн биринде бечара, көр пенделик жашоону башынан өткөрөт.

Улуу классикалык чыгармалар, зор таланттар аркылуу күтүүсүздөн жаралат.

Элдин күчүнө ишенбегендер чоң жаңылыштык кетиришет.

Көкөлөп канчалык бийик учсаң да, кайра жерге түшөөрүңдү унутпа.

Көп топтолгон зор байлыгың улам көбөйгөн сайын, сага толгон-токой ой санааларды, коркунучтарды алып келет.

Зор байлыкка ээ болсо да адамзат аны менен бактылуу боло албайт.

Алдына ачык максаттарды коюп, ошол максаттарын өзү каалагандай иш жүзүнө ашырган Адам – бактылуу адам.

Сүйүүнү даңазалап, ыр жазган акындардын сүйүүсү улам жаңыдан кайталана берет.

Сүйүүнүн торуна түшкөн болсоң, анда ага аяр мамиледе бол, эки жүздүүлүк кылба.

Бактылуу болуу үчүн тайманбай күрөшүү керек.

Бакытты сага эч ким тартуулабайт. Башка бирөө себеп болуп калышы мүмкүн, калганы бүт өзүңө байланыштуу.

Келген бакытка текебер мамиле кылсаң ал экинчи кайрылбайт.

Өтө сарандар байып кетиши мүмкүн, бирок алар байлыгынын үзүрүн көрбөйт.

Чындык дайым көп жолу тебеленип келет, бирок эч качан өлбөйт.

Калп кайкып учуп аз гана өмүр сүрөт да, өлүп калат.

Мамлекет башында узак отурган адам, барган сайын бийликке кумары күчөп, чоң катачылыктарга жол коюп, байма-бай адашып барат, бирок аны эч качан сезбейт.

Адамдын пастыгы, эки жүздүүлүк жана өзүмчүлдүгүндө.

Өз катасын билип туруп актануунун өзү – барып турган уятсыздык.

Китепти көп окуунун пайдалуу жагы, аны көп окуганда эмес, жакшы жагын эске сактап, аны пайдалана билүүсүндө.

Сүйүүгө татыктуу болуунун өзү бактылуулук.

Калыс, чечкиндүү, кесе сүйлөгөндөр – эстүү, таза адамдар.

Өмүр бою тапкан кадыр-баркын ач көздүккө алданып, болбогон бир байлыкка алмаштырып жиберген шерменде болгон пенделер да аз эмес.

Бирөөлөрдөн дайыма жардам сурап жашап келген пенделер эч качан жарыбайт.

Колу ачык, ар дайым башкаларга жардам берип келген инсандар бай жашайт.

Аялзатын көп тандап, анын артынан көп чуркаган адамдар, акырында кор болот.

Дүйнөдө энеден өткөн ыйык нерсе жок.

Эң суктугу жана ач көздүгү жагынан жан-жаныбарлардын ичинен адамга жеткени жок.

Белгилүү адамдардын да телегейи тегиз эмес. Алардын турмушуна кызыгып, изилдеп көрсөң кемчиликтери да бар болуп чыгат.

Билип туруп, элден жашырып, өз ыктыяры менен кылмышка барган адамдар – эң коркунучтуу, өзүмчүл адамдар.

Пенсияга отставкага чыккандан кийин досторду самайсың.

Бир түрдүү жашоо, адамды зериктирип жиберет. Жашоо шартты да өзгөртүп туруу зарыл.

Адамдын табити көп нерсени талап кылат, бардыгын самай берүүгө болбойт.

Бардык жактарга эле колуңду созо берсең, бир жагынан табигый кырсыкка учурайсың.

Жаш куракта тирүүлүктүн баркына жетпейсиң, жашоонун кызыгы улгайгандан кийин башталат.

Бирөөнүн акылын уурдаган адам, уурунун эң коркунучтуусу.

Бул турмушта, эр жигиттин башына ат көтөргүс оор мүшкүл иштер түшөт, ошондо сабыр кылып өзүңдү колго ала билсең, толук жеңишке жетишесиң.

Жашоодо байкабастан көп каталыктарга жол бересиң, ошол кемчиликтерди өз маалында сезип, аны ондой билгениң чоң ийгилик.

Өзүңдү дайым, ар кыл кырсыктардан сактоого жасаган этияттыгың, түбүндө сага аброй алып келүүчү касиетиң.

Кайгыны сабырдуулук менен көтөрө билсең, сага алдыда кубаныч күлүп, күтүп турат.

Бир кемчилик – туугандарыңа, тааныштарыңа зарыл иш түшкөндө гана эстеп, жалпандап кайрылуу.

Өзүмчүл, кара ниет адамдарга, өз кызыкчылыгы үчүн кара түс, ак болуп, ак түс, кара болуп тескери көрүнөт.

Акылы жетик эмес адамдар эң жөнөкөй, кичи пейил инсандарды анча сыйлабайт.

Турмушта күтпөгөн тагдырга аргасыз туш болосуң. Ошондуктан бактылуу жашооңо экиленип кетпе.

Жашында көйрөң болуп чоңойгон киши, карыганда да көйрөң бойдон калат.

Калыптанып калган кемчиликти оңдоо, абдан оор иш, эрк күчтүү болсо оңдойт.

Ата тарбиясын көрбөгөн адамдарда көп кемчиликтер сакталып калат.

Майдачыл кишилер эч кимге чоң жакшылык кылбайт, эгер жакшылык кылса артынан доомат кылат.

Өтө бийликти сүйгөн адам кызматтан такыр кетсе эле анын жашоосу бүтөт.

Колу ачык, жоомарт адамдын бүт жашоосу, башкаларга бактылуу болуп көрүнөт.

Адамдын жулунган жулкунбайлары болот, колунан эч кандай иш келбесе да өзүн алдыңкы катарга кошуп, бардык жерде пайда болот да, аралашып сөз кошуп жүргөнү жүргөн.

Карылык келээрин билсең да жашыңдын кандай өткөнүн байкабай, карып калганыңды бир сезесиң.

Ушул жарык дүйнөдө эркин, дениң сак жашап жүрүүнүн өзү кандай таттуу, кандай кызык, эч бир баа жеткис ушуну сезе бил.

Жаш туруп, бул жарык дүйнөнү таштап кетүүнүн өзү ченемсиз зор арман.

Адамдардын табияттагы жүрүшү, жашоосу, карап турсаң өзүнчө эле бир кооз, көркөм искусство.

Бакыт, жаркылдап күлүп келет, аябай суз, билинбей уурданып кетет.

Ууру ушакчы, алдамчы кескилер, уул-кыздарын, небере-чөбүрөлөрүн, бүт урук тууугандарын түбөлүк айыпка жыгат.

Келген коноктун эки түрү бар: биринчиси, сен деп келет. Экинчиси, сыйыңды көрүп, артындан сөз кылып кетет.

Байлыгың көп болсо жашооң коркунучта.

Эч нерседен капарсыз, дени сак, эркин жашоо жандын жыргалы.

Кунаса адамдар өмүр бою жакшылык көрбөй титиреп жүрүп өтөт.

Кечиримдүү болуш – бул айкөлдүк.

Тамакты даамдуу даярдап, дасторконду кооз жая билүүнүн өзү чоң чеберчилик, көркөм өнөр.

Адам карыганда эки түрдүү карыйт: биринчиси – барктуу, салттуу, нускалуу, элдик салтты бекем кармап, терең ойлуу кеп салат. Экинчиси – унутчаак, таарынчаак, өзүмчүл, ач көз, дүйнөкор, кейикчээл болуп калат.

Ишиң жүрүшүп, телегейиң тегиз болуп турса да кээде сиркең суу көтөрбөй, өзүнчө кысылып, ой келди ачууга

алдырып жиберген учурларың болот. Ошону байкап калсаң колуңду жакаңа алып Кудайга шүгүрчүлүк келтир, анан баары жайында болот.

Алга карай ашыкча канат кага бербе, канатың талып калбасын.

Ар кандай нерсеге күч жумшасаң да андан кийинкисине дагы ошончо күч запасы калгандай болсун.

Өзүңө өзгөчө жогору баа бергениң, – калыстыктан ашыкча тайганың.

Өзүңдүн жеке оюнду, позицияңды башкаларга да таңуулап, алардан катуу талап кылганың, – барып турган өзүмчүлдүгүң.

Чындык менен калыстыкты туу туткан адам зор кадыр-баркка жетишет.

Башкага таарынуудан мурда өзүңө таарын...

Өзүңдүн салмак, ордуңду ачык билип жүр.

Адашпаган адам болбойт, анын асыл сапаты, ошол адашкандыгын мойнуна алгандыгында.

Сага көңүлү жакын болуп бирге жүргөндөрдүн арасында да артыкчылык жактарыңа тымызын ичи күйгөндөр болот.

Бирөөлөрдүн үстүнөн канчалык жыргасаң, жашооң ошончолук кыскарат. Демек, өмүрүңдү кыска жыргалга алмаштырганың.

Адамдын жашоосунда да жаратылыштагы тең салмактуулук сакталат.

Келечекке сересеп салып, ага туура баа берип, так аныктай билүү – акылмандык.

Кыргыз улутунун башка улуттардан өзгөчө бир айырмалуу менталитети бар: ал бийлик кызматына өтө кумарлануусу.

Байкабай кетирген кичине каталык кийин көп убарага салып, кыйналып жүрүп ондоого аргасыз кылат.

Менин байкашымча кыргыз улуту маңыроо, байкуш жаныбарлардай туюлат. Чет элдиктер тор жайып же капкан салып, кичине жем таштап койсо, бийлик башында тургандар баш болуп торго деле, капканга деле оңой түшүп беришет.

Чет элдиктердин берген жардамы эч качан кыргыз мамлекетин оңдой албайт. Ар кандай банктардын берген жардамы итке сөөк таштагандай кеп. Кыргыз мамлекетинин өзүнүн улуттук идеологиясы, улуттук өнүгүү программасы болушу керек. Анан ниетти ондоп ар-намыстуулук менен жан аябай иштөө зарыл.

Мамлекеттин бүт жүгү, алдыдагы проблемалары жетекчилердин мойнунда. Мамлекет башчы мамлекетти алга жылдыруу үчүн бүт акылын сарптап, катуу ойлонуп иштөө керек.

Колунан эч нерсе келбегендер жалганды көп айтып, мактанып ишенчээк адамдарды алдап пайда көрүүгө ыңгайланып алышат.

Кээ бир адамдар окуяны көбүртүп-жабыртып, ашыра апыртып сүйлөп, адамды таңдантууга далалат жасоо менен ошондон өзү ырахат алат.

Өзүң чындыкты гана айтып, дайым мамилеге так жүрсөң, сени билген адамдардын бардыгы сага өзүндөй ишенишет.

Бир гана жолу так иш кылбаганың, кийинки жолу ишеничтен кеткениң.

Атасы тирүү кезинде анын акыл, насаатына бала анча маани бербейт. Көзү өткөндөн кийин түшүнүп, аттиң дейт.

Бул дүйнөдөн өткөн соң, анын кайра кайрылып келүүсүнө түк ишенбейм.

Эгер татыктуу болсоң, сенин элесиң эл арасында эч качан өлбөйт.

Өлбөскө татыктуу болуу сейрек учурайт.

Эгер табигый чыкса, күлкүдөн зор ырахат аласың. Жасалма күлкүдөн өзүң ыңгайсыз абалда каласың.

Өз орду менен күлсөң, күлкү жарашык берет.

Сүйлөшүп жаткан адамың сөзүн бүткөнчө көңүл буруп, бузбай укканың – ал сенин интеллектуалдуулугуң.

Көп сөздөн тажаганда бир мезгил таап, башка темага карата суроо берүү зарыл. Анда да токтобосо туруп кет.

Көңүл – бул сезим, андан өткөн эч бир назиктик жок.

Көңүл алуу үчүн азап чегүүгө да туура келет.

Бул жарык дүйнөдө жок болуп жашаба, бар болуп жаша.

Эрлүү аялдар ыймандуу болот. Эри жоктор айлакер, ачуулуу, ажаан болуп чыга келет.

«Өпкөнүн» бир кайноосу ичинде.

Ар бир адам өз тагдырына өзү гана себепкер.

Эң бактысыздык деген бул – бүт элге жек көрүндү болуп элден чыгып калуу.

Эч кимге кастык кылбаган адамдар – эң жакшы адамдар.

Алысты көрбөй алдын гана көргөндөр, ар дайым аттиң – деп армандa калышат.

Сыйлуу болгуң келсе, бардык адамды сыйлай жүр.

Убакытты үнөмдүү пайдалангандар – өз өмүрүн узарткандар.

Убакыттын кымбаттыгын баалабагандар – өз жашоосуна кайдыгер карагандар.

Ар бир үй-бүлөнүн башчысы болот. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн тарбияланышы, тартиби, сарамжалдуулугу, бүт жашоосу, келечеги, ошол үй-бүлө башчысына байланыштуу. Мамлекет деле так ушул принципте.

Ар бир адамдын дүйнөгө болгон көз карашы ар башка.

Сыр сактаган адамдар акылдуу көрүнөт.

Сөздү көп сүйлөгөндө сапатсыз ойлор да берилип кетет.

Ойдун эң керектүүлөрүн тандап, өз убагында пайдалануу – ал сенин жогорку ийгилигиң.

Ой менен убакытты айкалыштыра бил.

Ооруп калууга көп учурда сен өзүң себепкер болосуң.

Адамга эң зарыл нерсе, кылдап жеген тамак, андан кийин кыймыл.

Нарктуу, көптү билген сөзмөр адам менен жай отуруп баарлашсаң көңүлүң көтөрүлүп, бир рахатка батасың.

Аялзаты өмүр бою күтүүгө, сагынууга жаралган.

Адамдардын жакшы максаттар үчүн тил табышуусу – өзгөчө акылмандуулук, жаман максаттар үчүн тил табышуусу – барып турган бузукулук.

Тукумуңдун жакшырышы үчүн уулдарыңдын тандап үйлөнүшү, келечекте зор мааниге ээ.

Ички күйүттүн даарысы – убакыт.

Көп жашыруун иштердин бетин убакыт өзү ачат.

Карылык жашка жеткенче жашоонун өзү Кудайдын берген чоң өмүр таттуусу.

Күнү келгенде адам бардык нерседен тажайт.

Эрикkенде, зерикkенде адам ит менен да болсо ойноп көңүл ачат.

Экономикалык жактан бай мамлекеттер, жарды мамлекеттерди акча менен алдап өз үстөмдүгүн жүргүзүүгө аябай кызыкдар.

Узак жашоонун эң жогорку себепкери өзүңсүң.

Ар кандай кырсыкка туруштук берип, аны жеңүүгө, руханий жактан өзүңдү колго ала билген психологиялык жактан күчтүү болушуң керек.

Алсыз жандар жаратылыштын ар кандай соккусуна туруштук бере албайт.

Чыныгы берилген достукта ченемсиз зор күч бар.

Оорулуунун көңүлүн көкөлөтүп көтөрүү, ар кандай дары-дармектен жогору турат.

Эки адамдын ортосундагы иштерге ортомчу болгонуң – өтө чоң жоопкерчиликти мойнуңа алганың.

Ортомчулуктан сен өзүң айыпкер көрүнүп калуудан алдын-ала сактан.

Балдарыңа туура тарбия берсең, жашооңдун келечектеги чоң кубанычы.

Жашоодо аялыңды өтө сыйлап, урматтоосуна татыктуу бол, бул аялдарга да тиешелүү.

Жашоого кызмат кылган илимге, өнөргө, талантка башымды ийип, таазим кылам.



К. Сулайманов
иш үстүндө

К. Сулайманов
сабак учурунда.





К. Сулайманов
үй бүлөсү менен



К. Сулаймановдун докладка чыккан мезгили



Касым Сулайманов арткы катарда ортодо
акын-жазуучулар менен жолугушуудан кийин

Адамдын акылына, чеберчилигине, талантына чек жок.

Жашоодо, аябай зерикчээл адамдар да учурайт, алар ишсиз, бекер жатканды жандын жыргалы деп эсептейт.

Азыр кырк жаш жашап да материалдык жактан ата-энесине ишенип, өз алдынча жашай албаган, ишенчээк адамдардын категориясы пайда болду.

Өзүң жасаган нерсе канчалык кооз чыкса андан рахат аласың.

Адам татаал, митайым, мүнөзү миң кырдуу, миң жүздүү, ар бир секунд сайын психологиялык жактан түрдүү өзгөрүүлөргө дуушар болуп турат.

Сенин бүт жашооң, эң биринчи өзүңө, анан аялыңа байланыштуу.

Намыстуу адам, тетик адамдардан үлгү алат, кески адамдарга жийиркенет.

Жакшы атага сөз тийгизбеген бала – мыкты бала.

Баласы жакшы чыкса атасынын зоболосу көкөлөйт.

Бул дүйнөгө бир гана жолу күттүрүп келесиң, күтүүсүз кайра кетесиң.

Жакшылыкты да, жамандыкты да акылга салып кабыл ал.

Ойноп-күлүүнүн да чеги болуу керек.

Билимсиз акмактан чочуба, билимдүү акмак эң коркунучтуу.

Асман-жердей айырмасы болсо да кээде жакшылык менен жамандыктын арасынан кыл өтпөйт.

Ден соолук – өмүр, зор байлык.

Кийин акыбетин көрө тургандай эмгек кыл.

Адам жырткычы ар кандай жакшы жактарын көрсөтүп, сенин өзүңө магниттей тартып турат. Айрыкча жаштар жөргөмүштүн торуна түшкөндөй ага кантип түшкөнүн сезбей калышат.

Кылмыш дүйнөсүнүн башчылары жаштарды кылмышка тартуунун эң оңой жолун эң сонун билет. Алардын бардык керектөөлөрүн камсыз кылууга убада берип, жарым-жартылайын аткарып, анан аларды эң керектүү жерге кылыч катары пайдаланат.

Ар кандай диндер жашоодогу жакшы сапаттарга үндөйт. Баш ийдирүүнүн да ишенимдүү жолу болуп эсептелет.

Токулуу атыңды көргөн адамга сенин ким экениң дайын.

Кыргыз улуту келечекте жок болуп кетүү коркунучунда турат. Ага себеп, биринчи чет элдиктерди Кыргызстандын граждандуулугуна кабыл алуусу, экинчи, кыргыз тилин кыргыздардын жээрип жатышы, кыргыз тили иш кагаздарда иштебей жатышы.

Туура жолду тандап алуу үчүн ишенимдүү маалымат топтолушу зарыл, тобокелчилик ар кандай кырсыкка жолуктурат.

Кыргызстандын келечеги бүдөмүк бойдон калууда.

Эгемендүүлүктөн бери коңшу мамлекеттер, жалпы деңгээли жагынан Кыргызстандан алда канча алдыга оозуп кетишти.

Өнөр жайды кыргыздан башка ким көтөрөт. Кыргыз жумушчуларын даярдоо зарыл.

Кыргызстандын жетекчилери жогорку постту ээлеп алып, эл ишенчин актабай жатышат.

Кыргызстандын коопсуздук комитетинде иштеген генералдар компотентсиз экендигин далилдешти. Коррупцияга батып, криминал менен байланыш экендиги ачык ашкереленди.

Мамлекеттик жогорку деңгээлдеги кызматта отургандардын кейпи ичи чириген ашкабактай туюлат.

Кыргызстандын келечегинен барган сайын үмүт үзүлө баштады.

Климаты суук, мыйзамы катуу, башка мамлекет болсо да, кыргыз жаштарын Россия багып жатканы байкалат.

Мурунку бийликке дүжүр болуп жүргөн чалдар, кийинки бийликке да дүжүр болуп калышын көрүп, аргасыздан алар көз боочубу деп ойлойсуң. Бирок дүжүр чалдарга жан тарткан кийинки бийликтин кадыр-баркы улам төмөндөп баратышы анык.

Ийгилик көп сөз менен бүтпөйт, зор эмгек менен бүтөт.

Тартиптүү, ынтымак үй-бүлө бай жашайт.

Кыргыз мамлекетинин картасын жеңил араба деп элестетсең, аны коррупция аңга, парламент суугa, өкмөт көлгө, президент асманга, төрт жакка тартып, коррупция тиги үчөөнө бой бербей аңга түшүргөнү жатат.

Чоң муштум менен жашагандардын келечеги жок, жашоосу убактылуу.

Бийликтин жеткен чеги – калыстык.

Кайдыгерлик – келечек урпактарга карата жасалган душмандык.

Өз жашооңо кайдыгер караганың, – акылдан адашканың.

Ар дайым өз сөзүнө бекем тургандык – жогорку, асыл сапат.

Адамды көзүнчө мактаба, мактаган адамың ыңгайсыз абалга түш болот.

Акылы толук эмес адамдарга мактоо аябай жагат.

Бир туугандар менен да жакын, жакшы мамиледе бол.

Өнөр, кесиптин бардыгы жакшы, жалкоолук эң жаман.

Илимдин потенциалы аябай чоң, анын чети эми гана оюла баштады. Ал толук өздөштүрүлүп бүтпөй, чети-нен чубалып ачыла берет.

Мугалим – эң жогорку барктуу кесип. Заман кандай абалда болсо да бийик беделин түшүрбөө эң зарыл.

Чет элде жашоо, тагдырдын кыйын кыстоосунан келип чыгат. Жашаган жеринде жагынып жүрүүгө аргасыз болосуң.

Байлык отундан башталат.

Бардык кылмыштын атасы – бул өзүмчүлдүк жана мыкаачылык.

Чынчыл, жакшы атанын баласы да жаман чөйрөгө кошулуп калса жамандык жактар жукпай койбойт.

Адам улам жаңы көп нерсени эңсейт, бирок ага жеткенден кийин бардыгынан тажайт. Бир гана тирүүлүктөн жана жашоодон тажабайт.

Бийликте иштегендердин бардыгы токумун жеген айлакер саясатчы болушат.

Чоң бийликте иштеп жүргөндөр, карапайым адамдардан өзүнөн акылдуу, маанилүү сөздөрдү укканда аябай шагы сынат, ага кек сактап калат.

Сөз айтуунун, сүйлөөнүн да так өз учуру, мезгили болот. Сөз эрте же кеч айтылса анын деми кайтып, таасири анча болбой калат.

Сөздү айта билүү, сүйлөй билүү да чоң өнөр, ал өзгөчө талант.

Коңшуңа эч качан өз эркинди таңуулаган болбойт.

Мүмкүнчүлүк таап, дипломатиялык сүйлөшүүлөргө баруу керек.

Ичи тар, алысты көрө албаган адам, ич күйдүлүктөн өчөшүп, ар кандай терс иштерге барат.

Чарбаны да, ишкердикти да акылы жетик адамдар жүргүзөт.

Искусство адамдары, искусствого берилген фанатик болбосо анын тоңдурган суугуна, куйкалаган ысыгына туруштук бере албайт.

Дени сак кайырчылар, жеңил жашоого кызыккан пас адамдар.

Пара жеп көнгөн адамдар, жан дили менен пара алуучу кызматты көздөй умтулат.

Паракор менен кайырчынын айырмасы аз. Паракордун иштеген кызматы болот.

Бийликке кумарланып кызыгуу – айыкпас жаман оору. Көп адамдар ошону менен ооруп кайтыш болууда.

Жогорку бийлик, ширелүү гүл сыяктуу, кызыктырып өзүнө тартуу менен көп адамдардын башын жеген.

Көп байлыктын жыргалын көргөндөр аз, көпчүлүгү анын артынан түшүп бул дүйнө менен кош айтышкан.

Мүнөзү жеңил адамдар, көйрөң болушат.

Кайсар адамдар өз баркын эрте жоготуп, карыганда каросуз калышат.

Акылдуу адамдарды туура, так мамиле жакындатат.

Бузукуларды пастык жүрүш- туруштары жакындатат.

Бүтүндөй ак, жакшылыкка каршы бузуку, жаман иштер менен кылмыштык иштерди кээде актыктан айырмалоодо кыйын учурлар кездешет. Анткени кара иштердин бардык түрлөрү жашыруундук менен ак боёкко боёнуп алып, актыкка чыгууга умтулат.

Дем алганда уйку жыргал. Жумуш маалда уйку душман.

Жалпы элге белгилүү адамдардын бардык жашоосу, кынтык иштери да элге ачык, дайын. Сан жеткис көздөр аны тиктеп турат.

Сабырдуулукка ашыкча берилип кетсең кенебестик жакка өткөнүң. Сабырдуулуктун да чеги бар.

Алдын-ала сатууга мыйзам даярдап алып жерди, алмаз, алтын жана ушул сыяктуу кен байлыктарды чет элдиктерге саткан мамлекет башчылары ошол саткан мамлекеттин эң коркунучтуу душманы.

Адам туулат, өмүрү, жашоосу белгисиз бойдон калат.

Сейрек болсо да кээ бир адамдардын өмүрү миң (1000) жыл жашоону аткарып бүтүп, андан ары түбөлүк жашап калууда.

Өмүрдүн маңызы көп жашагандыгында эмес, аз жашаса да анын салмактуулугунда.

Биреөгө жакшылык кылыш үчүн убакыт жана кыйналуу менен аракет талап кылынат.

Адам акылына жана анын жөндөмүнө чек жок.

Наразылыкка көнгөн адам, кыйкым таап, турмуштагы бардык нерсеге наразы болуп өтөт.

Жамандык менен жакшылыктын аралыгын ажырата албай калган мезгилдер да болот. Сабырдуу, токтоолук ой гана ажыратат.

Бардык азаптарды, оор кайгыны убакыт өзү дарылайт.

Ичи тар адамдар, тагдыры тайкы, зор кайгыларга туш келген бечараларды табалап ырахат алуу менен, тескерисинче, жашоосунда зор ийгиликтерге жеткен инсандарды көралбай кыйналып, өмүрү бүт азапта өтөт.

Тез чуркаган, тез чарчайт.

Адам канчалык бийик секирсе да, ал кайра жерге түшөт.

Ойго-тоого урунуп-берингендин канаты сынат.

Өз өмүрүн кыюу-акылсыздыгын, сабырсыздыгын ашкерелөө.

Эң күчтүү чыгармалардын авторлору, көралбастыктан өз доорунда бааланбаганы менен убакыт улам көп өткөн сайын анын баасы, даңазасы, даңкы жогорулай берет.

Зыкым адамдар өз эне-атасынын да баркына жетпейт.

Алсыз адамдар өтө пастыкка да бат көнүшөт.

Аялзаттын абийирин этеги булгайт.

Адам деген улуу жанды эне гана төрөп өстүрөт.

Дүйнөнүн эң теңдешсиз сулуу бөлүгү – бул аялзаты.

Тим койсоң аял мээде ойнойт.

Эрке катын эрин эзет.

Жүзү жок адам, өзүнөн бийикке суктануудан айласы кеткенде карама-каршылыкка барат.

Ар күнү аз, аздан иштеген эмгек ден соолуктун баа жеткис дарысы.

Үй ичиндеги кызмат, иштей келсе бир аялга оордук кылат.

Карыганда сыйлашкан үй-бүлө эң жагымдуу жана таттуу.

Баланы өзпүрүм куракта, көбүнчө көчө көрүнүшүндөгү терс таасирлер бузат.

Карылык келгенде эски досторду сагынып, атайын барып катташкан адам, өтө сезимтал жана боорукер адам.

Өзүмчүл адам бардык достордон тез көңүлү калып жээрип кетет.

Зыкымга адамдан көрө бир сом артык.

Сук адам, бекер тамакка туш келсе ашыра көп жеп, ичип ден соолугун бузат.

Ар бир ишти баштаарда эртеңкисин терең ойлонгон адам акылдуу.

Өтө зыкым болсо да байды эл сыйлаганына таң калам.

Таланттуу адамдын көп жагынан кемчилдиги болот.

Өтө жоопкерчилик менен караган адам, чыгарма жаратууну кечигип баштайт.

Эгер зор максат кылсаң, бир гана өзүңө ишен, бирок башкалар менен да тыгыз байланышта бол.

Бакыт – күттүрүп, күлүп келет, кайгы – күттүрбөй катуу согот.

Эстүү адам кайгыга да психологиялык жактан даяр болот.

Өмүр, жашоо чагылгандын жарк этип өчкөнүндөй бир гана жолу болорун миң жолу кайталап айтып эскертүүгө даярмын.

Сенин жүзүң, баркың, даңкың чындыкта.

Мамлекет – бул бир үй-бүлө, бардык жеңиштер анын башчысына байланыштуу.

Туруктуулук чоң ишенимге жеткизет.

Адам бийликке жетип, байлыкка кызыкпай калыс болгону – анын зор урмат, сыйга жеткени.

Адам бийликке жеткенде байлыкка умтулса, анын тирүүлөй өлгөнү.

Адам бийликке жетип жеке керт башын аябай жогору койгону, анын бийлик менен ооруган жеткен өзүмчүлдүгү.

Жакшы адамдар карыганда бактылуу, ардактуу, аяныччтуу көрүнөт.

Берген убадасын так аткарбай кара ниеттик менен аны танып кеткен адамдарды жаратылыштын калыс өз мыйзамы катаал жазага тартат.

Калыстыктан өткөн жакшылык жок.

Жакын көргөн адамыңа боор ачып, күйүп-бышып сын айтуунун да чеги бар.

Жалаң сөзмөрлүк искусствосу менен көптү убактылуу багындырууга болот. Ал эми жогорку ийгиликке жетүү үчүн туура багыт жана зор аракет айкалышуу зарыл.

Жалаң сөз менен эч нерсе бүтпөйт.

XXI кылымда улгайган аялдар жалгыздыктан жапа чегүүдө. Аны менен күрөшүү зарыл.

Жалгыздык, – өмүрдү кыскартат.

Жеңил ойлуу кыздар өзүнүн келечек бактысын тепсеп келүүдө.

Ден соолугуң чың туруп, уялбай акча сурануугa өткөндөр, – адамдык касиетин жоготкондор.

Аябай арыңа келсең да башка бирөөнү күнөөлөбө.

Жашоо бактысы байлыкта эмес, ден соолук менен үй-бүлөлүк сыйлашууда.

Ашыкча сүйүнгөндүн да арты жакшы эмес.

Жырткычтар алсызды аңдыйт.

Жакырлар ак көңүл, берешен болушат.

Ишенчээктер ар дайым оңой тузакка түшөт.

Байлык – ойт берип алдаар азыткы.

Туруктуу, бир калыптагы мүнөз, урмат-сый алып келет.

## Мазмуну

*Жусупбеков А.* Ачык ой........................................4
Автордон.........................................................5
Орундуу ойлор...................................................8
Орчундуу ойлор................................................105

СУЛАЙМАНОВ КАСЫМ

*(Кыргыз тилинде)*

Редактору *Ж. Теңирбегенова*
Компьютердик калыпка салган: *Н. Жуманалиев*

Форматы 64х84 1/16.
Көлөмү 9 б.т. Заказ № 8
Нускасы 1000 даана.

«Бийиктик плюс» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ю. Абдырахманов көчөсү 170а,
Тел. 66–17–25.



Касым
Сулайманов